Кыргыз Республикасынын улуттук илимдер академиясынынБ. Джамгерчинов атындагы тарых,археология жана этнология институтуЖ.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетине караштуу Д 07.23.674 диссертациялык кеңешинин

№8 протоколу

11.04.2025 Бишкек шаары

Кеңештин бардык мүчөлөрүнүн саны 13
катышканы 10
Төрөгасы-т.и.д. Таабалдиев К.Ш.
Төрөганын орун басары-академик
Асанканов А.А.
Окумуштуу-катчы-т.и.д., доцент
Бикбулатова А.Р.

Күн тартибинде:

Төрөга: Урматтуу коллегалар бүгүн Кыргыз республикасынын улуттук илимдер академиясынынБ. Джамгерчинов атындагы тарых,археология жана этнология институту Ж.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетине караштуу Д 07.23.674 диссертациялык кеңешинин окмуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча сценарийи төмөндөгүдөй: кворум бар.
Бүгүнкү жыйындын күн тартибинде биринчи маселе: Сапиева Нурия Эрмекбаеванын **“Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)”** деген темадагы 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишининин алдын ала коргоосу. Жактоочунун кандидаттык наам алуу үчүн илимий жетекчиси Асанканов Аблабек Асанканович.
Изденүүчүнүн өздүк делосу менен таанышып алуу үчүн сөз окмуштуу катчы т.и.д., доцент Бикбулатова Аниса Рифовнага берилет.
**т.и.д., доцент Бикбулатова А.Р**.: Саламатсыздарбы дискеңеш. Сапиева Нурия Эрмекбаеванын өздүк делосу.

| | |
|---|---|
| Туулган айы | 17.06.1984-жыл<br><br>Ош облусу, Ноокат району, Чеч-Дөбө айылы. |
| Окуган мектеби | Чеч-Дөбө айлына караштуу “А.Осмонов” мектеби 1990-2001 жж. |

| | |
|---|---|
| Билими | 2001-2006 жж. ОшМУ “Тарых” факультети, адистиги тарых мугалими<br><br>2002-2008 жж. ОшМУ “Дүйнөлүк тилдер” факультети, адистиги англис тили мугалими<br><br>2006-2009 жж. ОшМУ Аспирантура тарых багыты боюнча. |
| Иштеген иштери | 2006-2009 жж. Ош шаарындагы Ю. Гагарина атындагы № 17 гимназия. Тарых жана англис тили мугалими<br>2010-2013 жж. Кызыл-Кыя шаарындагы<br>И. Разаков атындагы Кызыл-Кыя мамлекеттик табиятты пайдалануу жана геотехнологиялары институту<br>Тарых жана англис тили мугалими<br>2014-2016-жж. Ноокат районундагы Чеч-Дөбө айыла караштуу А. Осмонов атындагы орто мектеп<br>- Англис тили жана тарых мугалими<br>2016-2020-жж. Ноокат шаарына караштуу М. Гапаров атындагы жөндөмдүү балдар гимназия,<br>- Тарых жана англис тили мугалими<br>- Тарбия боюнча директор орун басары<br>2020-2022-жж. Кызыл-Кыя шаарындагы И. Разаков атындагы Түрк лицейи<br>- Англис тили жана тарых мугалими<br>2022-ж. Кызыл-Кыя шаарындагы атМУ Кызыл-Кыя экономикалык укук институту,<br>- тарых мугалими<br>06.11.2024-ж. баштап бүгүнкү күнгө чейин БатМУ КТЭУИ<br>- "Гуманитардык педогогикалык жана тил дисциплиналар" кафедрасынын башчысы |
| Теманын бекитилиши | 4.04.2007-жыл. ОшМУнун №8 протоколу.Сапиева Н.Э. 07.00.07-этнография,этнология жана антрапалогия адистиги. Тема: “Алай-Туркестан тоо кыркаларындагы ыйык жана сыйынуучу жайлар”.Илимий жетекчи-Сулайманов Э.<br>28.02.2020-жыл. . ОшМУнун №7 протоколу.Сапиева Н.Э. 07.00.07-этнография,этнология жана антрапалогия адистиги. Тема: “Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинкиишенүүлөрүнүн жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)”. Илимий жетекчи-Асанканов А. |

| | |
|---|---|
| Кандидаттык минимум | 23.11.2024.№3024488. “кыргызтест” Жогорку (C1).<br>17.01.2025. №1 протокол. №86-025. Илимдин философиясы жана тарыхы. “эң жакшы”.<br>27.01.2025. №1 протокол. №86-025.Англис тили. “эң жакшы”. |
| Антиплагиат | № 3848<br>Оргиналдуулугу 82,45% |

**Төрага:** Өздүк делонун материалдары боюнча окумуштуу катчыга суроолор барбы? Суроолор жок болсо, анда диссертациянын негизги мазмуну менен тааныштыруу үчүн сөз кезеги Сапиева Нурия Эрмекбаевнага берилет. Сизге 10-15 мүнөт берилет.

**Изилденүүчү Н.Э. Сапиева**: Рахмат. Саламатсыздарбы, урматтуу төрага жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрү. Изилденип жаткан диссертациялык иште Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши каралат.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу**. Азыркы мезгилдеги илимий-техникалык жүрүмдөр жана дүйнөдөгү ааламдашуу учурунда, элдердин маданиятындагы жана ааламды кабыл алуудагы көз караштар, барган сайын тездик менен өсүп өнүгүп, билими жана ага байланыштуу ички дүйнөсүнүн руху өзгөрүп-өнүгүп келүүдө. Бул жүрүмгө ылайык кыргыздардын көз караштары, жыл өткөн сайын татаалдап, түрдүү көз караштар жана диндик эрежелер орун алган. Кыргызстандагы ар кандай булактар, мазар таштар жана башка сейрек кездешүүчү жерлер, ыйык сыйынуучу жайлар арбын. Бакшылык чөйрөсү жана ага ишенгендер, алардын кызматынан пайдалангандар, сөөк көмүү салтындагы түрдүү салт-санаалардын коштолуусу, түрдүү жаныбарлардын дене мүчөсүнүн эл арасында ыйыкташтырылып колдонулушу, эл ичинде кеңири жайылган. Ислам дининин коомдо кеңири алкакта, эл ичинде орун алганына карабастан, ага чейинки диний ишенимдер жана көз караштар азыркы мезгилге чейин жашап келиши ар тараптуу изилдөөлөрдү талап кылат. Бул изилдөөдө XXI к. башындагы кыргыздардын исламга чейинки ишенимдеринин сакталышы жана трансформаланышы каралат.

**Изилдөөнүн максаты**: Азыркы мезгилдеги Фергана өрөөнүнүн түштүк кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келишинин өзгөчөлүктөрүн изилдөө.

**Милдеттери:**

- эл арасындагы фетиштик ишенимдердин жашап келишин, кыргыздардын отко болгон ишенимин изилдөө жана Жер-Суу культу жана ага арналган жөрөлгөлөрдү, кожо жана эшендердин мазарларынын коомдогу ордун аныктоо;
- Умай энеге болгон ишенимдердин сакталышы жана аялдар гана бара турган мазарларды жана алар өткөрө турган чакан кудайыларды изилдөө;
- тотемге болгон ишенимдердин калдыктарын аныктоо;
- Ата-бабалар культунун сакталышын ачып көрсөтүү;
- бакшылык жана жин кубар молдолор өзгөчөлүгүн жана окшоштуктарын изилдөө;

**Изилдөөнүн методологиясы:** себеп-натыйжа байланышындагы изилдөө, алардын ырааттуу өнүгүшү жана өз ара байланышын камтыган историзм принциби (тарыхый детерминизм) түздү. Илимий ишти изилдөө учурунда теориялык жана эмпирикалык ыкмалар колдонулду.

**Изилдөөнүн объектиси**: Фергана өрөөнүнүн түштүк-бптышындагы кыргыздардын азыркы учурдагы исламга чейинки ишенимдерин изилдөө.

**Изилдөөнүн предмети**. Азыркы мезгилдеги Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү элдин ислам динине чейинки ишенүүлөрү анимизм жана сөөк көмүү салты, фетишизм, тотемизимдин калдыктары жана бакшычылыктын жашап келүүсү каралат.
Изилдөөнүн максаты: Азыркы мезгилдеги Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келишинин өзгөчөлүктөрүн изилдөө. **Илимий изилдөөнүн жаңычылдыгы жана тажрыйбалык мааниси**: Диссертациялык иш автордун өзүнүн этнографиялык талаа материялдарынын негизинде Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерин иликтөөгө багытталган алгачкы изилдөөлөрдүн бири болуп саналат. Элдердин күнүмдүк жашоосундагы түрдүү ырым-жырымдар жана архаикалык ишенимдер менен жуурулушкан диний жөрөлгөлөр, ыйык деп эсептелинген зыярат кылынуучу жайлар, бакшылык жана анын трансформацияланышы, эволюциясы тарыхый негизде изилденди. Эмгекте Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардын исламга чейинки ишенимдердин өзгөрүү жана өнүгүү жагдайлары алгачкылардан болуп ачылып көрсөтүлгөн. Архаикалык ишенимдердин өнүгүү мезгилиндеги, алардын соңку пайда болгон ислам дининин тийгизген таасири, жаңы динге таандык болгон көрүнүштөрүнүн келип кирүүсү жана аны менен синкреттелиши ж.б. факторлор ачылып көрсөтүлгөн. Тарыхый-этнографиялык, талаа материалдарынан сырткары фольклордун, массалык маалымат каражаттарынын маалыматтары, дин таануу, лингвистикалык булактар да кеңири пайдаланылды.

Диссертациялык иштеги маалыматтар тарыхчы-этнографтарга, маданият таануучуларга, фольклорчуларга, искусство жана дин

таанууучуларга, илимдин башка тармактарынын өкүлдөрүнө керектүү маалыматтар бар. Илимий иштин маалыматтарын тандалма курстарды даярдоодо, кыргыз этнографиясы боюнча жалпыланган окуу ж.б. китептерин жазууда, окуу программаларын даярдоодо пайдаланууга болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

1. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздарда азыркы ислам динине ишенүү менен биргеликте архаикалык ишенимдер, башкача айтканда фетишке, отко, Жер – Суруга,Умай энеге, тотемге, Ата-бабалардын арбактарына ар кандай мазарларга кожо-эшендерге, бакшыларга ишеним жашап, ошону менен бирге ал ишенимдер ислам дини менен терең синкреттелишип жана өзгөчөлөнүп жашап келет.

2. Илсам дининин тездик жана терең таралышы менен биргеликте эле, Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздарда фетиштик ишенимдер - жалгыз даракга, булактарга, ташка, тумарга ж.б. жансыз нерселерге болгон ишеним дагы деле болсо сакталып келет. Жансыз буюмдар элдин тагдырына, келечекте жардам берет, ар кандай суук көздөн жана сөздөн сактайт деп ишенишет. Ошону менен биргеликте эле, аларга ишенүү сактоочу катары карап, Куран окулуп Аллага ишенишет. Кыргыздардагы фетишизм ислам дини менен ар тараптан синкреттелип кеткен жана ал жүрүм азыр да жүрүп жатат.

3. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздардагы отту ыйык тутуп, дээрлик бардык салт-санаасында жана үрп-адаттарында колдонушат. От тазалайт, арууланат жана жамандыктардан сактайт деген ишенимде ысырык түтөтүү, шам жагуу, катмы-куран түшүрүү менен коштолуп келет. Жер-Суруга культуна арналган жөрөлгөлөр Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздардын жашоосунда жаздын келүүсү менен өткөрүлүп, ар бир кокту-колоттун, тоонун, суунун ээси бар эгер аларга курмандыктар чалынса, алар түрдүү кырсыктардан сактайт деген ишенимде жасалат. Алар менен биргеликте Куран окулуп Алланын аты аталып, бата тиленилет.

4. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү жашаган кыргыздардын жашоосунда Умай-энеге ишенүү аялдар гана бара турган мазарлар жана аялдар гана өткөрө турган чакан кудайылардын тынымсыз өткөрүлүшү, Умай эне культу жашап келет, Умай эне коргойт жана жардам берет деген мааниде аткарылып, Курандагы түрдүү сүрөөлөр жана аяттар окулуп, Алланын аты аталат. Кыргыздардагы Умай эне культу исламдашып, ар тараптан синкреттелип кеткен. Ал жүрүм азыр да жүрүп жатат.

5. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздардын кожо жана эшендер көмүлгөн мазарларына зыярат кылуусу, алардын рухтары зыярат жасагандардын ден соолугуна, өздүк проблемалардын чечилишине жардам берет деген ишенимде аткарылып, аларга аталып Куран окулуп, курмандыктар чалынат. Ал мазарлардын коомдо дагы деле орду бар болуп, ислам динин менен синкреттешип азыркы күндө өз ордун жоготпой келет.

6. Тотемдик-ыйык деп эсептелинген түрдүү жаныбарлардын дене бөлүктөрүнө ишенүү, кайберендин каргышынын болушу жана алардын

колдоочу пирлеринин бар экендигине ишенүү Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү жашаган кыргыздардарда сакталып келет. Ыйык деп эсептеп, жаныбарлардын дене мүчөлөрү соодада, көз түйүүдөн сактоодо, жаш балдарга жана боюнда бар аялдарды эмдөөдө колдонулуп келет.

7. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздардарда Ата-бабаларга болгон ишеним жашап келет. Алардын рухтары жашайт деген ишенимдер бар жана аларга аталып Куран окулуп, курмандыктар чалынат жана алардын рухтарын сыйлабаса, ал адамдын иши оңолбойт деген ишеним жашайт. Ата-бабалар культу ислам дини менен синкреттешип азыркы күндө да коомдо да өз ордун жоготпой келет.

8. Сөөк көмүү мезгилиндеги исламга чейинки салт-санаалар сакталып, ислам дини менен биргеликте эле аткарылып келет. Сөөк көмүүдө ислам дининин шарттары аткарылып, жоктоп ыйлоо, кошок айтуу, жыртыш берүү, аза күтүү, көк кийүү, ак кийүү, бейшембилик, кыркы, жылдыгы, айттыктарын өткөрүү менен, арбак ыраазы болсун жана тынч жатсын деген ишенимде аткарылып келет. Ал жүрүм азыр да жүрүп жатат.

9. Бакшыларга, жин кубар молдолорго, эмчилерге болгон ишеним замандын өнүгүүсүнө ылайык ага ыкташып, сакталып келет. Алар Курандын аяттары жана сүрөөлөрүн окуп дем салып, элдин тагдырына келечекте жардам берет, ар кандай жамандыктардан сактап,баш оорууларынан айыктырат деп ишенишет. Ошону менен биргеликте эле, аларга эл ишенүү менен сактоочу катары карап, күнүмдүк жашоодо Куран окушуп Аллага ишенишет.

**Автордун жеке салымы**:

Бул илимий иште автор Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү аймактарында болуп, исламга чейинки ишенимдерди өз ичине камтыган фетиштик, тотемдик, анимистик жана бакшылык ишенимдердеги түрдүү ыйык сыйынуучу жайлардагы ыйык деп эсептелинген дарак, таш, суу, топурактын колдонулушун, ыйык эсептелинген жаныбарлардын дене мүчөлөрүнүн иштетилишин, сөөк коюудагы түрдүү ырым-жырымдардын өткөрүлүшүн, Умай энеге болгон ишенимдердин өзгөчөлүктөрүн, аялдар гана өткөрө турган жөрөлгөлөрдүн жана бакшычылыктагы түрдүү көрүнүштөрдүн жана ислам динине тиешелүү салттардын өзгөчөлүктөрүнүн жүрүшүн кеңири талдай алды. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы аймактарынан этнографиялык талаа экспедицияларынын мезгилинде топтогон этнографиялык талаа материалдарынын негизинде исламга чейинки ишенимдерге тиешелүү көрүнүштөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө изилдөө жүргүзүлдү.

Мындан сырткары изилдөөнүн жүрүшүндө кошуна жашаган түрк тилдүү элдердин жана тажик элдеринин исламга чейинки ишенимдери менен салыштыруу аракети болду.

**Изилдөөчү тарабынан бир катар төмөнкү жаңы этнографиялык материалдар илим чөйрөсүнө алгачкы жолу киргизилди:**

- Фергана өрөөнүнүн түштүк0батышындагы кыргыздардын түпкү мааниси бир болгон Жер-Сууга арналган өткөрүлгөн Дарвишана, Жыт чыгаруу, Жан

кудайы жана андагы “келмеден өтүү” ишенимдери, ошону менен бирге кудайыларынын өткөрүлүшүнүн өзгөчөлүктөрү изилденди;

- Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардын жеке өзүнө тиешелүү болуп жалаң аялдар гана чогулуп Мүшкүл Кишот, Бүчейшенби, Умай аш, Ууз аш, Перзент суроо жөрөлгөлөрү ж.б.у.с. ислам динине чейинки ишенимдердин өзгөчөлүктөрү каралды;
- Анимистик ишенимдеги кожо жана эшендердин сөөктөрү жаткан мазарлардын ыйыктыгы б.а. зыярат жасалуучу жайлардын өзгөчөлүктөрү такталып изилденди.
- Тотемдик ишенимдеги Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын жеке өзүнө тиешелүү болгон Бала урдоо, Акыйка жөрөлгөлөрүнүн өзгөчөлүктөрү аныкталды.
- Сөөк көмүү салтындагы “кайрадан көмүү”, “кепинин жеп койду”, “кары көтөрүү”, “жер албай койду” ырымдары жана “жалгыз сөөк” коюлган мазарлар, аныкталып изилденди.
- Бакшычылык менен жин кубар молдолордун ишмердүүлүгү изилденди;

**Иштин апробацияланышы**: Диссертациялык иштин негизги жоболору илимий тезис, макала катары ата мекендик жана чет өлкөлүк басылмаларда жарыяланган. Алардын жалпы саны 14. Илимий иштеги негизги ойлор, корутундулар, сунуштар диссертациялык изилдөөлөрдүн айрым бөлүмдөрү илимий жыйындарда жана конференцияларда апробацияланды. Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Тарых-юридика факультетинин, Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология кафедранын отурумунда талкууланды.

**Изилдөөнүн мезгилдик алкагы**: XXI кылымдын башын камтыйт.
**Географиялык алкагы:** Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү аймактары – Ош жана Баткен облустары тандалып алынды. Талаа изилдөөлөрү кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери көбүрөөк сакталып калган айылдарында жүргүзүлдү. Этнографиялык стационардык изилдөөнүн орду катары төмөнкү айылдар тандалып алынды: Баткен облусунун Баткен районундагы Бужум айылы, Кадамжай районунан Орозбеков айылы, Ош облусунун Ноокат районундагы Чеч-Дөбө айылдары. Фергана өрөөнүнүн ушул аймактарында исламга чейинки ишенимдердин көпчүлүгү сакталып жана ушул күнгө чейин жашап келет

**Диссертациялык иштин структурасы жана көлөмү:** Диссертациялык иш киришүүдөн, алты баптан, он алты бөлүмчөдөн, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Иштин жалпы көлөмү 223, тиркеме 40
**Киришүү** бөлүгүндө теманын актуалдуулугу, изилдениши, диссертациянын максаты, милдеттери, анын жаңылыгы, апробацияланышы, структуралык бөлүнүшү ачылып берилди.

Биринчи бап “**Изилдөөнүн тарых наамасы**” деп аталып, үч бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдө “Совет дооруна чейинки иликтөөлөр” каралды. Борбордук Азия элдеринин исламга чейинки ишенимдери, анын ичинде анимистик, тотемдик, фетиштик, бакшылык ишенимдери жөнүндө Кытай жазма булактарындагы жылнаамалардагы маалыматтар, орто кылымдагы авторлордун жазган эмгектери жана XIX к. аягы -XX к. башында көптөгөн саякатчылардын, окумуштуулардын эмгектеринде чагылдырылган.

Баптын экинчи бөлүмү **“Совет мезгилиндеги изилдөөлөр” деп аталат**. Совет мезгилиндеги этнографтардын, тарыхчылардын, философтордун, диний ишенимдерин изилдеген эмгектеринде кыргыз элинин исламга чейинки ишенимдери тууралуу кызыктуу, көп кырдуу изилдөөлөр бар. Бул биринчи кезекте кыргыз элинин этнографиясындагы башка маселелерди ( үрп-адаттар, каада-салттар, тамак-аш, кийим-кече) менен катар кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери каралган. Совет доорундагы тарыхнаамада кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери белгилүү деңгээлде иликтөөлөргө алынган. Анын ичинде окумуштуулар кыргызгыздардын исламга чейинки ишенимдери предмети катары этностун руханий тарыхын, жашоосун, башка элдер менен болгон карым-катнашын далилдей ала турган тарыхый булак катары караган. Айрыкча бакшылык ишмердүүлүгүнө Баптын үчүнчү бөлүмү **“Поссоветтик изилдөөлөр”** деп аталат**.** СССР ыдырап анын ичиндеги мамлекеттер өз эгемендүүлүгүн алган соң, аларда өтө чоң маданий, руханий, социалдык, саясий жарылуулар пайда болду. Анын катарын кыргыздар да толуктады. Демократиянын кеңири жайылуусу Кыргызстандын агартуу системасын да өз кучагына алды. Совет коомундагы этнографтар анын ичиндеги кыргыз этнографтары жана адабиятчылары да идеологиялык чектен чыкпай өз эмгектерин тартуулаган болсо, союз ыдыраган соң кеңири негизде улутук мерчемге таандык болгон эмгектерди байма бай жарыялай баштадыжана теңирчилике өзгөчө маани берилген. Эгемендүүлүк жылдарда кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерине арналган бир катар илимий эмгектер жарыяланып, диссертациялык иштер корголуп, кыргыз этнографиясы, кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери изилдөөгө алынып, жандана баштаган.

Диссертациялык иштин экинчи бабы **“Изилдөөнүн методологиясы, методикасы жана булактары”** деп аталып, эки бөлүктөн турат. Баптын биринчи бөлүмү “**Изилдөөнүн методологиясы жана методикасы”** деп аталат.

**Изилдөөнүн объектиси:** Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардын азыркы учурдагы исламга чейинки ишенимдерин изилдөө.

**Изилдөөнүн предмети.** Азыркы мезгилдеги Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү элдин ислам динине чейинки ишенүүлөрү анимизм жана сөөк көмүү салты, фетишизм, тотемизимдин калдыктары жана бакшычылыктын сакталышы каралат. Зыярат кылынуучу жайлардын мүнөзү, дин өкүлдөрү

анын ичинен жин кубар молдолор, эмчилердин, бакшылардын эл арасындагы ээлеген орду көрсөтүлөт.

**Изилдөөнүн методологиялык** негизин себеп-натыйжа байланышындагы изилдөө, алардын ырааттуу өнүгүшү жана өз ара байланышын камтыган историзм принциби (тарыхый детерминизм) түздү. Илимий ишти изилдөө учурунда теориялык жана эмпирикалык ыкмалар колдонулду .

Экинчи баптын экинчи бөлүмү **"Изилдөөнүн булактары"** деп аталат. XXI кылымдын башындагы кыргыздардын исламга чейинки ишенимдеринин сакталышы тарыхый-этнографиялык булак катары бир нече багытта изилденди. Изилдөөнүн негизи болуп, автордун өзүнүн 2014-2024-жылдарында чогулган талаа этнографиялык материалдары болуп саналат. Андан тышкары оозеки айтымдардагы маалыматтар, фольклордук материалдар кошумча булак катары колдонулду. Ошондой эле талаа материалдары жана ж.б.у.с. булактар каралды. Тарыхый-этнографиялык булактарды пайдаланууда, биз, айрым көңүлгө алынбай келген - эл арасында айтылып, бирок жыйналбай калган - материалдарды жыйнап, аларды комплекстүү түрдө пайдаланууга аракет жасалды.

Талаа изилдөөлөрүндө кыргыздардын исламга чейинки ишенимдердин көпчүлүгү сакталып калган айылдары камтылган. Мунун натыйжасында этнографиялык стационардык изилдөөнүн орду катары төмөнкү айылдар тандалып алынды: Баткен облусунун Баткен районундагы Бужум, Кадамжай районунун Орозбеков айылдары; Ош облусунун Ноокат районундагы Чеч-Дөбө айылы. Тандоо калктын этностук курамын эске алуу менен жүргүзүлдү. Бул жерлерде негизинен кыргыздар басымдуулук кылат.

Үчүнчү бап "**Фетишизм ишенимдеринин жашап келиши"** деп аталат. Бул баптын биринчи бөлүмү **"Эл арасындагы фетиштик ишенимдер"** бөлүмүндө деп аталып анда кыргыздардын фетиштик ишенимдери каралат. Алар коргоочу күчкө ээ болгон түрдүү формадагы таштар, жыгач кесимдери, дене бөлүктөрү, оомат алып келе турган кийимдер, зер жасалгалары, тумарлар, жаратылыштагы ай, күн, жылдыздар, пири же ээси бар жана ыйык деп эсептелинген жерлер, мазарлар, суулар, булактар ж.б. эсептелинет. Изилдөө учурунда исламга чейинки ишенимдериндеги фетиштик ишенимдердин колдонуу чөйрөсү да кенен жана ар түрдүү болуп жана алардын аталышынын түпкү маанилерине көңүл бурулду.

Баптын **"Отко сыйынуу"** аттуу экинчи бөлүмдө Фергана өрөөнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын исламга чейинки ишенимдеринин ичинен отко сыйынуу, элдик салттарды ичине камтыган ишенимдин бир түрү жөнүндө сөз болот. Отко сыйынуу эл ичинде анчалык көзгө көрүнбөгөн туюнтма болгону менен, ал салттык деңгээлде жергиликтүү элдин жашоосундагы ажырагыс бөлүгү болуп эсептелинет. Кыргыздар оттун тазалоочу күчүнө бекем ишенип, ушул күнгө чейин аластоону колдонуп келишет. Отко чакыруу жана от менен тазалоо ырымы милдеттүү түрдө кыргыз элинде

болгон. Алар жаңы үйлөнгөндөрдүн үй-бүлөсүн коргоо үчүн жасалган, жана үй-бүлөнү ар кандай кырсыктан сактайт, себеби от таза жана ыйык деп ишенишет От ээсине арналган үмүткерлерди атоо жөрөлгөсү отко гана ишенүүнү озүнө камтыбастан анимистик туюнтманы берет.
**“Жер-Суу культу жана ага арналган жөрөлгөлөр”** деп аталган үчүнчү бөлүмдө кыргыздардагы табият культу – Жер-Суууга аталган жөрөлгөлөр тууралуу сөз болмокчу. Жер-Суу культу башка архаикалык ишенимдер сыяктуу ислам динин таасиринин астында калып, көптөгөн исламга чейинки ыйыктыктар, исламдык ыйыкташуулар менен бирге жуурулушуп, кээ бири толук кандуу исламдын баалуулугуна айланган. Жер-Суууга багышталган жөрөлгөлөрдүн аттары ар түрдүү болгону менен (жан кудайы, дарвишана, жыт чыгаруу) түпкү маңызы Жер-Суууга аталып, айдан аман, жылдан эсен чыккандарына ыраазычылык билдирүү менен, ал жөрөлгөдө Алланын аты аталып, Куран окулуп, бата тиленет. Исламга чейинки ишенимдердин калдыктары ислам дини менен тоскоолдуксуз жуурулушуп, эл ичинде сиңгендигинин далили болуп эсептелинет.
**“Умай энеге болгон ишенимдердин сакталышы аялдар гана бара турган мазарлар жана аялдар өткөрө турган чакан кудайылар”** төртүнчү параграфта каралды.

Ферганалын түштүгүндөгү аялдар көп бара турган үч мазар Бүзейнеп, Бүүрабия жана Кыз-Коргон мазарлары болуп эсептелинет. Мазарга жеке же жамааттык негизде чогулуп келишет. Зыярат кылуунун себеби көбүнчө жалпы үй-бүлөлүк көйгөй, жеке жашоодогу социалдык ж.б. кыйынчылыктар болуп эсептелинет. Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардагы өзгөчөлүк катары Бүчейшембилик, Мүшкүл кишот, Ууз аш, Умай аш, Перзент суроо жана Умай аш жөрөлгөлөрүнүн аткарылы болуп эсептелинет. Бул жөрөлгөлөрдө аялдар ган чогулуп, дасторкон жайып атинча аял, аялдардын жамааты менен Курандын аяттары жана сүрөөлөрү окуп, аңгемелер (рываят), түрдүү тилектер, баталар айтылат, ошондой эле от культу пайдаланылып шам жагылат. Жогорудагы жөрөлгөлөрдө Умай эне культу ишениминин негизинде ырым-жырымдар жана жөрөлгөлөр, адамдын эркинен тышкары күчү жетпей калган учурларда, аялдар чогулуп өткөрүлөрүн талдоо менен ал адамдын үмүтү ойгонуп, келечекке ишеничи бекемделери байкалды.

**“Азыркы учурдагы ыйык зыярат жасалуучу жайлардын (кожо жана эшендердин мазары) коомдогу орду”** бешинчи параграфта каралды. Кожолор жана эшендердин сөөгү жаткан жайлар, Орто Азияда жана Кыргызстанда ыйык зыярат жасалуучу жайлар катары кеңири таралган. Алар орто кылымда пайда болуп, бүгүнкү күнгө чейин сакталып келет. Коомдогу диний көз караштардын өзгөрүшү, кожолордун жана эшендердин сөөктөрү жаткан ыйык жайлардын үзгүлтүксүз жашашы Орто Азиянын исламдашуу тарыхый дооруна мүнөздүү. Бул көрүнүш калктын табыйгый мазарлар менен

ислам ыйыктарынын синкреттелишин түшүндүрөт, мындай сыйынуу жайлар жергиликтүү элдин туруктуу борбору бойдон кала берген.

Атайын түзүлгөн анкетанын жардамы менен сурамжылоодогу элдердин көбү бул “ширк” дегени менен ыйык жерге барып, өздөрү Куран окуп бата кылып жатат. Ошол эле учурда “ээси уруп кетпесин” деп кооптонушат. Ага карабастан ыйык сыйынуучу жерге барган адамдар даарат алып, ниетин түздөп, зыярат жасоо менен көңүлдөрү көтөрүлүп, жакшы жашоого ишенүү менен, жеке маселелеринин бир аз болсо да арылуусун каалашат.

Диссертациялык иштин төртүнчү бабы “**Тотемизмдин калдыктарынын жашап келиши”** деп аталып, анын биринчи параграфта “**Тотемдик ишенимдер” каралды.** Тотемизм ишениминин калдыктарынын эл ичинде анчалык көзгө көрүнбөгөн туюнтма болгону менен, ал салттык ишениминде жергиликтүү элдин жашоосунун ажыралгыс бир бүтүндүгү болуп эсептелинет. Кыргыздар тотемдик пирлердин, колдоочулардын жана ыйык деп эсептелинген жаныбарлардын дене бөлүктөрүн пайдалануу менен каада салттагы, ырым-жырымдагы ээлеген орду, кыргыздардын жашоосунун орчундуу бөлүгү бойдон калган. Тотемдик культтун калдыктары кыргыздардын урууларынын аталышында да сакталып келет (Сары багыш, кара багыш, бугу ж.б.).

Бүркүттүн өтүн, тырмагын ыйык деп эсептеп, колдонушат. Айрыкча анын өтү бакшычылыкта кенири пайдаланылат. Жыландын териси аялдын төрөөт учурунда иштетилет. Жылан менен арбашуу тууралуу аңыз кептер бар. Кайберендин каргышы ага туш болгон, каргыштан арылуу үчүн касида молдолорго барып коргонушат. исламга чейинки ишенимдердин арасынан мифтик тотемдик ишенимдердин издери кыргыздардын күнүмдүк ырым-жырымдарында, соода жүргүзүүдө , аң уулоодо, фольклордо терең сакталып калган.

Баптын экинчи параграфы “**Мал чарбасындагы тотемдик ишенимдер”** деп аталды. Мал чарбасы кыргыздардын көчмөн катаал шартта жашоого керектүү нерселердин бардыгы менен камсыз кыла алган. Кыргыздар азык-түлүктү, кийим-кечени, турак-жайга жана турмуш-тиричилике керектүү буюмдарды алышкан. Ошондуктан кыргыздар малдын төлүнүн санын көбөйүүсүнө кызыктар болуп, малдын жакшы семирип, дени сак жана асылдуу болушу алар үчүн маанилүү болгон. Малдын сөөгүнө болгон ишеним, балдары турбай, биринин артынан бири өлө берген үй бүлө өткөрө турган жөрөлгө “Акыйка” деп аталат. Койдун этин бүтүн баш сөөк, шыйрактарын кошо казанга салып бышырып сөөгүнө этти жеп жаткан адам тишин тийгизбей мүлжүтөт. Койдун эти желинип бүткөн соң, Куран окулуп, даам сыздырган, үй-бүлөгө бала берүүсүн суранып, бата тиленет. Койдун бардык мүчөлөрүнүн сөөгү ак кебезге ороп, мүрзөгө көмүлүп жаткан учурда “аларыңы алдын, токтосун болсун” деп мүрзөгө алып барылып көмүшөт. Мал чарбасындагы малдын өзү - алардын жүндөрү, малдын түсү, сөөктөрү аларга колдонгон буюмдар да ыйык деп эсептелинип, мал чарбачылыгына түздөн-түз байланыштуу - камчы, козу байланган көгөн, мал байланган

аркан-жиптер, жылкы жабдуулары, сүт азыктарынын аздектеп, пайдалануу да малдын төлүнө жана берекесине таасир этет деген ишенимдер, эл арасында азыр кы күнгө чейин сакталып калган.

Бешинчи бап "**Ата-бабалардын арбактарына ишенүү"** анын биринчи бөлүмү "**Ата-бабалар культу жана ыйык жайлар"** деп аталат**.** Ата-бабалардын арбактарына сыйынуу жана ыйык жайлардын үзгүлтүксүз жашашы, бул бардык тарыхый доорлорго мүнөздүү. Мындай сыйынуу жайлар калктын ишенимдеринин туруктуу борбору бойдон кала берген. Ыйык деп эсептелинген мазарлар же табияты кооз жерлер, ыйыкташкан суулар же булактардын Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү өтө көп кездешүү менен суфийлик мааниге ээ болгон аттар менен байланышта. Рухтар же мазарлардын ээлери жана азиздери колдоп жүрсүн жана иштеринин алдыга жүрүш үчүн зыярат жасалат. Ата-бабалар культуна тиешелүү *өзгөчөлүктөрү* жергиликтүү ислам ыйыктары менен байланышкан жайлардын көптүгү, зыярат кылуучу жайлардын рухтарын аттарынын аталып "ортомчу" (вахиле) катары коюп, Алладан сурануу менен Курандын окулушу, сөөк жок туруп, ага атап "кары" көтөрүү же жалган мүрзөнүн болушу эсептелинет.

Ал эми экинчи бөлүм "**Сөөк коюу мезгилиндеги исламга чейинки салт-санаалар"** деп аталып, анда азыркы учурдагы сөөк коюудагы анимистик ишенимге тиешелүү салттар жана ырым-жырымдар тууралуу сөз козголмокчу. Сөөк-коюу — көзү өтүп кеткен инсандын сөөгүн ардактап жерге жашыруунун кыргыздарга таандык жөрөлгө. Сөөк коюудагы салтындагы исламдык эрежелер жана исламга чейинки ишенимдердин салттарынын эл арасында сакталып келиши жөнүндө изилдөө болот. Ислам салтындагы кепиндөө, тазия кармоо, жаназа окуу менен биргеликте кара аш, үчүлүк, жетилик, 40 күн, чоң аштар өткөрүлөт. Ошондой эле эл арасындагы "кайрадан көмүү", "башына суу кую", "жалган мүрзө же кары көтөрүү", "жер албай койду" ырымдары, анимистик ишенимдин калдыктары катары сакталып келет. Жоктоп ыйлоо, маркумга атап кошок айтуу, эркек тууганынын өкүрүп кирүүсү маркумдун кийимин бөлүштүрүү, ага атап жыт чыгаруу, өлгөндөн кийин үч күн катар менен маркумдун мүрзөсүнө зыярат кылуу, башына суу куюу, жыртыш берүү менен бирге жалгыз мүрзөнүн коюлушу, сөөгү жок мүрзөлөрдүн жасалышы, кайрадан көмүү же кепинин жеп койду, жер албай койду түшүнүгү камтыйт. Маркумду эскерүү менен байланышкан каада-салттарды жана ырым-жырымдарды сакталышына карабастан, трансформациясы пайда болгон, б.а. эскерүү менен байланышкан ырым-жырымдар жөнөкөйлөтүлгөн.

Алтынчы бап **"Бакшычылыктын эл арасында жашап келиши"** анын биринчи бөлүмү "**Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү бакшылык жана жин кубар молдолор"** деп аталды. Бакшылык, эмчи-домчулук жана таш төлгөө тарткандар, жин кубар (Касида жана Кашмир илиминдеги) молдолор Кадамжай, Баткен жана Ноокат өрөөндөрүндөгү элдеринин күнүмдүк жашоосунун азыркы күндө сакталып келет. Орто Азия элдеринин исламга чейинки диний ишенимдеринин өзгөчөлүгү Бакшы-бүбү болуу жараяны болуп эсептелинет. Бакшы-бүбүлөрдүн "көз ачыктык" кылышы, арбактардын

жардамы, колдоочу азиздеринин жардамында ишмердүүлүк жүргүзөт. Ал эми жин кубар молдолор болсо ислам динини суфий агымынын мистикалык иш аракеттердин жана рухтардын жардамында иш алып барышат. оорулууну даарылоочу катары анын ичинен жин чыгаруучу молдолор, ата-бабасынан келе жаткан кесип катары өздөрүнө ыйгарышкан. Ошентип, бакшычылыктын жана жин кубар молдолордун басып өткөн тарыхы узак жана көп кырдуу, исламга чейинки ишенимдердин жана ислам дининин синкреттешкендигинин жыйынтыгы болуп эсептелинет.

Баптын экинчи бөлүгү **"Эмчи-домчулар"** деп аталып**,** бакшылыктын бир бөлүгү катары эмчи-домчулар сөз болот. Эмчи-домчулук өзүнүн ырым-жырымдары жана диний мазмунунун толуктугу менен салтуу маданияттын өзгөчө бөлүгү болуп эсептелинет. Эмчи-домчулар бала эмдейт, жүрөк көтөрөт, апаптайт, кирне жойот, төрөбөгөн аялдардын перзент көрүшүнө, боюна бүтүшүнө себепкер болушат ошондой эле куяң үзүп жана дененин сынган же чыккан жерлерин оңдөп, түзөп, салышат. Эмчилердин дагы бир түрлөрү бул көз үйлөөчүлөр, тиш байлоочулар жана ич үзүүчүлөр болуп эсептелинет. Көз сезгенип, кызарып ооруп калганда аны үч жолудан ырымдап, үч күн катары менен көздү үйлөйт. Тиш ооруганда, сөөл колду, бетти басып кеткенде жана денеге жара чыкканда аларды окуп дем салган кишини "байлоочу" деп аташат. Төлгө көбүнчө кырк бир таш, койдун далысы, ашыгы жана башка буюмдар менен, жылдыздардын асмандагы жайгашуусуна карай ачылат. Төлгөө тарткандардын көпчүлүгү таштар менен төлгөө ачса, кээ бирлери жүгөрүнүн даны менен тартат. Эмчилердин шыпаа таптыруу мезгилиндеги ишмердүүлүгүндө фетиштик, анимистик жана тотемдик ишенимдердердин коштоосунда аткарылат.

## Корутунду

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы жашаган кыргыздардын архаикалык ишенимдери, б.а. исламга чейинки ишенимдердин жана ага байланышкан жөрөлгөлөр, ырым-жырымдар ушул мезгилге чейин сакталып келет. Ислам динине чейинки ишенимдерде заттардын керемет күчтөрү-фетишке, анимизм ата-бабалардын рухтарына ишенүү, тотемдик ишенимдер жана бакшылык жана жин кубар молдолордун ишмердиги ушул мезгилде да ислам дини менен синкреттешип, аны менен кошо жашап келет, ошону менен бирге бул ишенимдерде изилденген өрөөндө өзгөчөлүктөр бар.

**1**. Иликтенген өрөөндөгү кыргыздардын ар кандай жансыз нерселерге ишениминдеги буюмдардын кызматы табийгаттан тышкаркы күч бар, алар коргойт жана ээсине ийгилик алып келет, ошондой эле кара сыйкыр жасалуу жөрөлгөсүндө фетиштик буюмдар адамдарга зыян келтире алат деген ишенимдер калыптанган. Фетиштик ишенимдеги ыйык сыйынуучу жайлардагы зыярат жасоо үй-бүлөлөрдүн, тууган-уруктун, кошуналардын биргелешкен иши катары каралат. Зыярат кылуудагы ырым-жырымдар – жамааттын иши болуп саналат. Ал жамааттардын биргелешип аткарган зыяраттарынын жүрүмүн атинча аял же дин өкүлдөрү алып барат. Ал

жөрөлгөлөрдүн жүрүмү, өз кезегинде кошуналарды, урук-туугандарды бириктирүүчү социалдаштыруучу кызматты аткарган жүрүмү болуп эсептелет. Изилдөөлөр көрсөтүп тургандай, кыргыздардын фетишизмге тиешелүү ишенимдери – тумар, ай-жылдыз, куюн, булак, таш, топурак, кум, ыйык жерлер, Умай эне культу ж.б. ислам дини менен синкреттешип кыргыз коомунда азыркы күндө жашап келет.

**2**. Кыргыздарда азыркы отко сыйынуу ырым-жырымдарынын түпкү тамыры отко сыйынуу культуна барып такалып, андагы сүттүн жана майдын отко ташталуусу, коломтого жүгүнүүнүн аткарылышы үй-бүлөдөгү жыргалчылыкты жана байлыкты камсыз кылуу ишеними болуп эсептелинет. Отко багышталган ырым-жырымдарды аткарууга багытталган ар кандай ыйык курмандыктардын болушу, от аркылуу үй-бүлө куруудагы, куда тосууда, бешике баланы салууда, унааны, жаңы үйгө кирүүдөгү ысырык түтөтүү менен, жөрөлгөлөрдөгү шамдарды жагууда керемет күчтөр коргойт, сактайт жана колдойт деген ишеним менен аткарылат.

**3**. Жер-Сууга багышталган кудайылар, курмандыктар, жаз айларында суунун башында, кургакчылык болбосун, жаан-чачындын, суулардын мол болушун, ар кандай жер-кырсыктарынан сактоо максатында түлөөлөр уюшулуп, мал союлуп, курмандыктар чалынып, ошону бирге куран окулат.

**4**. Умай энеге багышталган жөрөлгөлөр көчмөн турмуштун мезгилинде жалпы эле жаратылыштагы апааттардын алдындагы адамзатынын алсыздыгынын натыйжасында пайда болуп жана калыптанып жатат. Өздүк трагедия баласыздык, кокустан келген ооруу жана өлүмдүн артынан келген ички ар кандай көйгөйлөрдөн кутулуунун максатында жашоодогу түрдүү жамандыктардан, сыноолордон коргонуу жана кутулуу үчүн да аткарылат. Аялдар өткөрө турган жөрөлгөлөр алардагы ырым-жырымдар коңшу тажик жана өзбек улутунун салтына тиешелүү жөрөлгөлөр менен ич ара аракеттенүүсүнүн негизинде жергиликтүү кыргыздарга таандык жөрөлгөлөр кыргыз коомунда пайда болуп, ушул мезгилге чейин жашап келет.

**5**. Кырыздарда исламга чейинки ишенимдердин арасынан тотемдик ишенимдердин издери кыргыздардын күнүмдүк ырым-жырымдарында, соода жүргүзүүдө, аң-уулоодо, фольклордо терең сакталып калган. Фергана өрөөнүнүн түштүгүгүндөгү кыргыздардын тотемизмдин калдыктарынын негизинде пайда болгон ишенимдердин, ырым-жырымдар, ишенимдер кайберендин каргышы, пир түшүнүгү б.а. Буудайык, кумайык, көк жал түшүнүктөрү кээ бир жаныбарлардын өтү, шыйрагы, жандыктардын катырылган денесинин ыйыкталышы жана аялдын төрөтүнө жана соодага байланышкан тотемдик ишенимдер азыркы учурда да кыргыз коомунда сакталып келет.

**6**. Тотемдик ишенимдердеги ырым-жырымдар, малдын төлүнүн көбөйүшүнө жана анын берекесине байланышкан Зеңги бабага арналган “ууз аш” жөрөлгөсү аткарылып келинет. Ошондой эле мал чарбасындагы малдын өзү - алардын жүндөрү, малдын түсү, сөөктөрү аларга колдонгон буюмдар да ыйык. Мал чарбачылыгына түздөн-түз байланыштуу - камчы, козу байланган көгөн, мал байланган аркан-жиптер, жылкы жабдуулары, сүт азыктарынын

аздектеп пайдалануусу да, малдын төлүнө жана берекесине таасир этет деген ишенимдер эл арасында азыркы күнгө чейин сакталып келет.

**7**. Ата-бабалардын арбагына сыйынуу, ислам дини менен жуурулушуп, синкреттешип, коомдо дагы деле бири-бирин коштоп жашап келет. Ата-бабалардын арбактарына ишенүүдө исламга чейинки ишенимдер жана исламдагы салттардын жуурулушуп келет. Жергиликтүү ислам ыйыктарынын аттары менен байланышкан жайлардын арбындыгы жана алардын рухтарына сыйынышып, зыярат кылуучу жайлардын рухтарын аттарынын аталып ортомчу катары Алладан сурануу менен куран окушат. Зыярат кылынуучу жайлардын рухтарына атап курмандык чалып, жыт чыгарышат. Сөөк жок туруп, ага атап кары көтөрүү же жалган мүрзөнүн болушу жана ал мүрзөлөрдө сөөгү болбосо да, алардын рухтары бар экенине ишенип, ал рухтарга атап Куран окуп келишет. Жалгыз коюлган маркумдун мүрзөлөрүнүн ыйыкталып, ал мүрзөлөргө барып, бата тилешет. Ошондой эле ыйык жерлердеги эшендердин, кожолордун жана олуялардын өкүлдөрү коюлган мүрзөлөр, Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардын зыярат кылуусундагы обьектилер болуп эсептелет. Жогорудагы ыйык жайларга зыярат жасалуу менен өрөөндөгү элдердеги анимистик ишеними жашап келет.

**8**. Кыргыздардагы ишениминде Ата-бабалардын арбактары өзүнүн жашоосун, тигил дүйнөдө улантат деп ишенишкен. Ага байлашыштуу сөөктү көмүү салтында маркумга байланышкан ишенимдер салт-санаалар, ырым-жырымдар пайда болуп, арбак баарын билет, өзүнүн урпактарын колдойт, коргойт же андан коркуу, сыйлоо менен артындагыларга ак тилөө азыркы күндө да кыргыздардын ишениминде жашап келет. Арбактардын бар экенине ишенип, ага сыйынып, алардан жардам сурап, ырайым кылуусун тилеп, маркумду атап куран окуп, катмы-куран түшүрүп, үчтүгүн, бейшембилигин, кыркын, жылдыгын өткөрүшөт. Ошондой эле маркумду жоктоп ага Куран окутуп, кошок айтып, жыртыш берип, айттыктарын өткөрүп келишет.

**9**. Бакшычылык жана жин кубар молдолор, Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардын турмуш-тиричилигинин ажырагыс бөлүгү катары калыптанып калган. Бакшычылыкты мойнуна алуу жана жин кубар молдо болуудагы татаал жана көп кырдуу жүрүмдү басып өтүп, ал жүрүм тиешелүү чөйрөдө муундан-муунга, замандын өзгөрүшүнө ылайыкташып өтүп келет. Бакшычылыкты мойнуна ала тургандар жана келечекте жин кубар молдо боло тургандар аян түштөрдү көрүп, кээ бирлери баш ооруларына чалдыгышып, алардын көздөрүнө "көрүмчүлөр" көрүнүп, кайрадан айыгып, бул кесиптерди айласыз кабал алгандары да кездешет. Демек кыргыз бакшылыгы ар кандай диний системалар чырмалышкан "түйүндүн" бир түрү болуп эсептелинет. Кыргыз бакшылыгы табигый түрдө түптөлүшү татаал жүрүмдү басып өтүп, өзүнүн курамына түштүк Сибирдик, Орто Азиялык шамандык элементтерди камтыйт. Ошондой эле кыргыз бакшылыгынын кийинки формаларынын калыптанышында кыргыздардын чарба жүргүзүүсү, отурукташкан коңшу калктар менен болгон тыгыз байланыштары өз таасирин тийгизген. Бакшычылыктын жана жин кубар

молдолордун басып өткөн тарыхы узак жана көп кырдуу, исламга чейинки ишенимдердин жана ислам дининин синкреттешкендигинин жыйынтыгы болуу менен азыркы күндө жашап келет.

**10**. Эмчи-домчулар исламга чейинки ишенимдердин бакшылык түрүнө кирип, көптөгөн архаикалык ырым-жырымдардын элементтеринин коштоосунда ишмердик жүргүзүшөт. Бирок илсамдын таасири терең сиңип, аны менен жуурулушуп Курандагы сүрөөлөр, аяттар жана Алланын ысымын атоо менен ишмердүүлүгүн баштап аягына чыгарышат. Алардын шыпаа таптыруу мезгилиндеги ишмердүүлүгүндө фетиштик, анимистик жана тотемдик ишенимдердердин коштоосунда аткарылат. Эмчилердин баланы эмдөө мезгилинде Умай эненин атынын аталышы, түрдүү жаныбарлардын денелик бөлүктөрүнүн дары катары колдонулушу, аластоо, үч ача дарактан айлантуу, дөң жерге башын тийгизүү, түрдүүү укалоолорду ж.б.у.с. болушу, аларды өздөрүнүн ырым-жырымдарында колдонулуп эл ичинде сакталып келет.

Жашоонун социалдык шарттарынын өзгөрүшү менен ишенимдин алгачкы формалары толук жоюлган эмес. Кээ бири аларды алмаштырган диндер менен сиңишип, кээ бири күнүмдүк ырым-жырымдарды жана жөрөлгөлөрдү өз ичине камтыган жыйын катары кабыл алынып калган. Фетиштик нерселер тумар, таш, суу, дарак, өсүмдүктөр, от, ай, жылдыз, Умай эне ишеними элдин күнүмдүк жашоосунда ырым-жырымдардын түзүмүндө бекем орунду ээлеп келет. Тотемизм ишенимдери (пирлер, уруулук тотемдер, жаныбарлардын дене бөлүктөрү, кайберендин каргышы) Ата-бабалар культу (арбак, сөөк көмүү салты, сыйынуучу жайлардын ээлери), магиялык ишенимдер, бакшылык (жин чыгаруу, төлгө, дуба), эмчи-домчулук азыркы мезгилде да сакталып, ислам дини менен синкреттешип жашап келет. Аны менен катарлаш жогорудагы архаикалык ишенимдер Теңирдик ишенидеги дүйнө таанымынын элементтерин өз ичине камтуу менен сакталып келет. Андыктан иликтенген өрөөндөгү исламга чейинки ишенимдерде Теңирдик дүйнө тааным ачык айкын билинбегени менен алардын уюткусу катары каралат деп белгилей алабыз.

**Жогоруда айтылгандардын негизинде төмөнкүдөй сунуштар берилди:**

Исламга чейинки ишенимдерди изилдөөнүн негизинде этникалык тарыхтын, этномаданий процесстин жалпы көйгөйлөрүн тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берүүчү булактардын бири катары кароого мүмкүндүк берет.

Фергана өрөөнүнүн түштүгүндөгү кыргыздардын исламга чейинки ишенимдеринин өзгөчөлүктөрүн орто жана жогорку окуу жайларынын, жалпы билим берүүчү мекемелердин окуу китептерине киргизүүнү сунуштоо, тарых жана этнология, антропология боюнча адистешкен жогорку окуу жайларында атайын курстарды уюштуруу.

Кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерин андан ары изилдөө кыргыздардын башка тектеш жана коңшу этностор менен этногенетикалык жана этномаданий мамилелерин аныктоого жардам берет. Ошону менен

бирге, азыркы мезгилге чейин ислам динине чейинки ишенимдердин кыргыздардын арасында сакталып келишинин себептерин ар тараптан ачып берүүгө жардам берет. Ал өз кезегинде мамлекеттин, жергиликтүү бийликтин аларга болгон мамилесинин ийкемдүүлүгүн күчөтөт.

Исламга чейинки ишенимдерди изилдөөдө жыйынтыктуу иштерге жетүү үчүн илимий-теориялык негиздердин топтомун иштеп чыгуу.

Исламга чейинки ишенимдеридин тарыхтагы ээлеген ордун дагы терең ачып берүү үчүн комплекстүү жана систематикалык изилдөө иштери менен, ага байланышкан бул мезгилге чейин колдонулбаган терминдерди этнографиялык сөздүккө киргизүү зарылдыгы турат.

Төрөга: Рахмат Нурия Эрмекбаевна олтуруңуз.

Н.Э.Сапиеванын илимий жетекчиси т.и.д.профессор А. Асанкановго сөз берилет.

**т.и.д.п., академик Асанканов А.А**: Биринчиден бул кызык глобалдык революция болуп жатат, техника өнүгүп жатат, ислам дини болуп көрбөгөндөй биздин турмушубузга терең сиңип жатат. Бирок ошого карабастан исламга чейинки ишенимдердин сакталышы күндөлүк турмушта кеңири колдонулат. Кызыгы фетишизм, анимизм,тотемизм, бакшычылык баары бар аны менен катар кошо куран окулат. Бул өтө кызыктуу архаикалык ишенимдерге да ислам динине да баш ийебиз. Бул негизде мен Н.Э. Сапиевага эмне үчүн коомдун өнүгүшүнө карабай исламга чейинки ишенимдер сакталып келе жатат деген суроону койдум. Ал бул суроого жооп бергенге аракет кылды. Н.Э.Сапиеванын материялы жалаң талаа материялдарын чөзү чогултту. Ферregананын түштүк батышы эмес Ферргананын түштүгү б.а. Ноокаттан Баткен районуна чейин. Мага жакканы Нурия англис тилчи да мугалим болгондуктан Тайлордун китебин оргиналда окуп чыкты. Талаа материялдары Ноокаттан баштап Лейлеке чейинки аралыкта жыйнаган. Кээ бирки жаңылыштыктарды Н.Э.Сапиева жаңыдан окмуштуу чөйросүнө кирип жаткандыгын да түшүнүңүздөр. Жетекчи катары баарыңыздарды колдоого чакырам.

**Төрөга**: рахмат А.Асанканович чындыгында аябай кызыктуу иш экен.Келечекте дагы өркүндөтүп китеп деңгээлине чейин чыгарат деп ишенебиз.

Сөздү эксперттерге берсек. Ж.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетине караштуу аймак таануу жана кыргыз таануу кафедрасынын профессору тарых илиминин доктору Т.К. Чоротегинде:
**т.и.д. Т.К. Чоротегин** Жалпысынан бир эки эле маселеге көңүл бөлгүм келет да, биз антропология жана этнография деп жатканда биз жалаң эле совет учурундагы ыкмаларды көңүлгө ала беребиз. Бул эмгектин жакшы жагы

социялдык антропология деп жатышпайбы, ошолордун элементтери да жакшы камтылган экен. Сурамжылоодо жакшы көрсөтүлгөн.Негизи дисцертация логикалуу жазылган. Анын өзгөчө талаа изилдөөлөрү болуп саналат. Кээде Бишкектен тема алганда алыс жакка барбай эле, чөп башылап эле жазган учурлар бар да, ал эми бул кызыбыз ичинен казып чыккан. Биз билбеген пластарды көтөргөн жана терминдик жагынан да өзгөчө көрүнөт. Мисалы бизде тул деп айтылат. Ал эми аны шерик же куурчак деп жатат. Бунун экинчи мааниси көз тийбесин деген маанини да бериши мүмкүн. Мисалы бөрүнү карышкыр деп алгандай. Анын негизинде бөрү сөзү колдонулбай карышкыр деп айтып калдык. Өзгөчө социялдык багытагы жөрөлгөлөрдү Умай эне менен байланыштырып айтты жана кызык элементер бар. Бул жөрөлгөлөр аялдардын жөрөлгө жасоочу клубу сыңары болуп калып жатпайбы. Бул жагынан эч ким изилдөөнү сиздей берилип изилдеген эмес. Актуалдуулугунда эч кандай создүн кажети жок. Өрөөндү жалпысынан изилдөөдө өзбек жана тажик улутунун да исламга чейинки ишенимдерин кошсоңуз өрөөндү толук берген болмоксуз. Жалпысынан диссертациялык эмгек жогорку атестациясына төп келет деп эсептейм. Афтореферат менен диссертация шайкеш деп көрсөтөм. Ошол үчүн диссертацияны жактоого толук мүмкүн деп жыйынтыктайм жана колдоого сиздерди чакырык жасайм.
**Төрөга:** Рахмат т.и.д. Т.К. Чоротегин.
Сөздү Ж. Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетине караштуу кыргыз эвропа факултетинин экономика багытынын профессору тарых илимдеринин доктору О.Кубатбековичтин пикирин окуп коюу үчүн сөз т.и.д., доцент А.Рифовнага берилет.
**т.и.д., доцент А.Р. Бикбелатова**: О.Кубатбекович 2025-жылдын 9-апрелде кортундуну берди. Бирок биздин талаптарга ылайык келбейт. Ал 36 пунктан турган сын-пикирлерин тизмесин гана берди. Аларды окуп берүүгө уруксат бериңиздер.
Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын “Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)” аттуу диссертациясынын кол жазмасына эксперттик тыянак . Адистиги: - 07.00.07 – Этнография, этнология жана антропология

1. Глава деген - орусча, бап (боб) деген - тажикче (Бөлүм деп атоо зарыл);
2. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышы ??? Лейлек району, Сүлүктү шаары кайда ? (Кыргызстандын түштүк-батышы дегенде Лейлек жана Сүлүктү сөзсүз кошулушу шарт, так айтканда Лейлек районунун аймагындагы жашаган калк изилденүүсү абзел. Лейлек, Сүлүктүдө кесек, тейит, чапкылдык, ават урууларынын өкүлдөрү жашашат. Кадамжай, Баткен, Ноокаттын ичкиликтер урууларынын маданиятында, философиялык-дирний ишенимдеринде Лейлектеги жашаган калктын айрым спецификалык өзгөчөлүктөрү бар экендигин эске алуу зарыл). Кол жазмада оң канатка

кирген Бөрү (байыш уругу), Баргы уруулары жашаган Ноокаттын Чеч-Дөбө аймагы кирип калган.
3. Изилдөөнүн максаты жана милдеттерин толук карап, кайрадан оңдоп чыгуу керек;
4. Кириш сөздөгү Жоболорду кайрадан оңдоп-түзөтүп, жазып чыгышы керек, диссертациянын негизги мазмунуна туура келбеген пунктар жазылган;
5. Диссертациянын хронологиялык алкагы так белгиленген эмес;
6. Диссертациянын географиялык алкагын карап чыгуу зарыл эле (!?). Кыргыз
Республикасынын административдик-саясий бөлүнүүсүндө Түштүк-Батыш аймагына дал ошол Лейлек району, Сүлүктү шаары кирет, демек изилдөө объектисине аталган чолкөмдөр кирүүсү шарт. Ичкиликтер уруулук тобу менен Адигине, Мунгуш урууларынын өкүлдөрүнүн ортосундагы параллелдер, этнографиялык айрымачылыктар чагылдырылган эмес;
7. Кириш сөзүндө, иштин баарында тең грамматикалык орой каталар кездешет. Стил жана стилистиканы түпкүрүнөн карап чыгуу зарыл;
8. Изилдөөнүн тарихнаамэси (туурасы тарыхнаама) көп авторлордон көчүрүлүп алынган. 12-15 беттер Умаралиевдин дисс ишинен көчүрүлгөн (Көчүрүлгөн беттери тыянактын аягында көрсөтүлөт)
9. Мисалы, Масао Мори, Клоссон, Ли Мауцай, Дёрфер, Феофилакт Симоката
дегендердин кандай эмгектери бар, ошолорду окуду бекен ???? Окуган эместиги, так айтканда, диссертациялардан көчүрүп алганы даана көрүнүп турат (караңыз: О.К.Каратаевдин макалаларын, УмаралИвдин диссертациясын !). Себеби, жогоруда эскерилген авторлордун эмгектерин мен эмгектеримде пайдаланганмын, биздин фамилияны алып салып, калгандарын көчүрүп алган
10. 17-бетте Дубана деген терминге түшүнүк берилген, булагы кайда ?
11. Тарыхнаамада чет элдик илимпоздордун Бонвало, Хаттингтон, Гордон ж.б , орус илмпоздорунун Громбчевский, Федченко, Наливкиндер, Головина ж.б. эмгектери көрсөтүлгөн эмес, алардын эмгектери кайда ? Тарыхнаама бөлүгүндө болгону 4-5 эле авторлордун эмгектерине көңүл бөлүнгөн, бул деген тарыхнаама толук изилденген эмес дегенди аныктайт;
12. Совет доорундагы тарыхнаамага Кыргызстанга тийешеси жок авторлорду киргизген. Авторлордун эмгектери хронологиялык жактан ирээти менен берилген эмес. Т.Баялиеванын эмгегине (эмгектерине) анализди узак берген, чындыгында эле, автордун эмгегин көчүрүп койгон. Басиловдун эмгектери боюнча маалыматтарды Умаралевдин диссертациясынан түз көчүрүп койгон.
13. Айтиеванын эмгектеринен көчүргөн, бирок анын диссертациялык иши, авторефератына шилтеме берилген эместиги адамды иренжи кылат;
14. Тарыхнаамада илимий анализ жок, көчүрүлгөн беттер көп, кыргыздарга тийешеси жок авторлор кирип калган, кыргыз изилдөөчүлөрүнүн эмгектери, мисалы Анара Исаеванын, Г.Айтиеванын, Момункулованын ж.б. дисс. иштери, изилдөөлөрү кирбей калган.

15. Методология боюнча. Кыргыздардын анимистик коз караштары. Фетишизмге оз алдынча параграф каралган, Анимизм же анимистик түшүнүктөр боюнча өз алдынча иликтөөлөр жок. Анимистик түшүнүктөр – диссертациянын өзөгүн түзүш керек.
16. Демек, диссертациялык ишке "Анимистик көз караштар" боюнча өз алдынча параграф киргизүү зарыл. Баш аламандык. Фетишизм боюнча параграф бар, Анимистик көз караштар боюнча жок ????
17. Кол жазмада 5 бет толук бойдон Ноокаттын, Кадайжай жана баткен райондорунун географиясына арналган. Мындай маалыматтын дис ишке зарылдыгы жок. Анын үстүно маалыматтар көчүрүлуп жазылган, шильемелер берилген эмес. Буларды иштен алып салуу керек
18. Фетишизм боюнча. Биринчи үч бет көчүрүлгөн, жымсалдоого аракет жасалган. Бирок, параграфка исламдын, Курандын кандай тийешеси бар ?
19. Ар бир параграфтын, бөлүмдөрдүн аяктарында жыйынтыктоочу бөлүктөрү жок
20. Отко сыйынуу. 64, 65, 66 беттер Умаралиевден көчүрүлгөн, анын аты жазылбай, Умаралиев шилтеме берген авторлорду атын калтырып көчүрүп койгон. Отко сыйынуунун генезиси кайда, бул жерде дисс иштен темасынан алыстап кудалашуу темасына аттап өтүп кеткен.
21. 62-72 беттер, 5 бет Умаралиевден көчүрүлгон, жымсалданган. Параграфта жыйынтык жок.
22. Жер-Суунун культу. Эмне үчүн кол жазмада Көк Теңирдин ишеними жок ? КөкТеңирге сыйынуунун элементтери кыргыздарда эн сонун сакталып калган Көк Теңирге болгон ишеним оз алдынча каралыш керек. Кандайча, ишеним Жер-Суунун культунан башталат ????? 73, 74, 75 беттер Умаралиевден толук көчүрүлгөн
23. Умай-энеге карата болгон ишенимдер. 83, 84, 85 беттер көчүрүлгөн. Параграфта жыйынтыктары жок. Умай эне культуна эч бир тийешеси жок маалыматтар берилет. Айтиева Гулбурактын диссертациясынан 83-85, 87-89, 94-97, 98 беттер көчүрүлгөн. Ушул эле парграфта аль Бухари тууралуу ж.б. диссертацияга такыр тийещеси жок ислам маалыматтары кирип калган. Аль Бухаринин Куран и-Керим боюнча берген комментарийлеринин дисс ишке кандай тийешеси бар ???
24. Умай-эне менен аялдар өткөрүлүүчү ритуалдардын кандай байланыштары бар ? Бул параграфта фетишизм менен анимизмдин элементтери берилген. Ошондон улам, Умай-эне паргарафын толук карап, оңдоп чыгуу керек. Параграфка тийешелүү гана маалыматтар кирүүсу абзел.
25. Азыркы учурдагы ыйык зыярат жасалуучу жайлардын (кожо жана эшендердин мазары) коомдогу орду. Бул параграфтын диссертацияга кандай тийешеси бар ? Параграфтын аталышы да ката ! Алып салуу зарыл.
26. Тотемизмдин калдыктарынын жашап келиши. 4.1. Тотемдик ишенимдеги мифтик ишенимдер. ???? Аталышы кандай ? Тотемдик тушүнүктөрдүн өзү мифология да ??? 108, 109, 111 беттерде Умаралиевден, 104, 110-112 беттер Айтиевадан көчүрүлгөн. 113-114 беттерде менден (О.Каратаевден) көчүрүлгөн маалыматтар бар. Менин фамилиямды алып салып, Окладников

менен Рамстедти жазып койгон. Арийне, изденүүчүнүн Окладников менен Рамстедти билеринен шегим бар

27. Кол жазмадагы кечирилгис катачылык бар, эмгектин ичинде информаторлордун берген маалыматтары киргизилген эмес, алардын аты-жөндөрү берилбептир, алар кайда ? Кол жазманын артында ката жазылган тизмелер турат ????

28. Мал чарбасындагы тотемдик ишенимдер. Арабдардын жана Курани Керимдин кандай тийешеси бар. Тотемистик коз караштар боюнча кол жазмада илимий анализ жок.

29. Диссертациялык ишке тийешеси жок, пайдаланылбаган, кирилица жана латиницада жазылган авторлордун эмгектерин библиографияга кирип калган, алардан арылуу абзел; (мисалы, Хайтун, Д.Е. Пережитки тотемизма у народов Средней Азии и Казахстана [Текст] / Д. Е. Хайтун // Учен. зап. Тадж. гос. ун-та. – Душанбе, 1956. – Т. 14. – С. 35–48). Мен бул эмгекти 40 жылдан бери таба албай келемин, интернетте да жок. Бир гана Душанбенин ИАсынын китепканасында бар. Бул автордун эмгегин кайдан алган ?

30. Илимий аппараттын жазылышы, жабдылышы талапка жооп бербейт. Диссертациялык темага байланышы жок, диссертант өзү колдонбогон адабияттар өтө көп.

31. Бойл, Клоссон, Масао Мори, Рамстедт, Бурнаков, Стеблева, Снесарев Г.П., Серегин Н.Н., Сапалова Д., Малов С.Е., Ли Мауцай, Кюнер, Вяткина К. В. Байжигитов К. Кыргыз мифтери, уламыштары жана легендалары, Аманалиев Б ж.б. эмгектерин башка авторлордун эмгектеринен алып, кийинки колдонгон, аны кыргызчага которуп жазган авторлордун аты-жөндөрүн алып салып, кол жазмага өзүнүн эмгеги катары киргизип салган. Чындыгында турколог Масо Мори, алтаист Рамстедт, түрколог-лингвист Клоссон, буряттаануучу Вяткина, германиялык синолог Ли Мауцайдын ж.б. авторлордун эмгектеринин дисс ишке кандай тийешеси бар ?

32. Элдербек Умаралиевдин диссертациясы. 13-15, 16, 23, 28-31, 33-36, 54-56, 58-59, 63-67, 69-75, 77, 83-85, 89, 92, 98-100, 108-112, 157-159, 164, 168-170, 172-173, 175,177, 180, 185-187, 189-191 беттердеги тексттер өзгөртүлүп көчүрүлгөн.

33. Айтиева Гулбурактын диссертациясы 83-85, 87-89, 94-97, 98, 104, 110-112, 157,159, 177, 180 беттери көчүрүлгөн;

34. Кыргыз УИАсынын Кол жазмалар жана аларды жарыялоо бөлүмүнүн материалдары колдонулган эмес;

35. Информаторлордун тизмесин этнография илиминин талабына ылайык кайрадн ондоп жазуу зарыл;

36. Кол жазманын корутундусу жогоруда аты аталган диссертациялардын бир аз жымсалданып өзгөртүлгөн формада көчүрүлүп алынган. Корутундунун жыйынтыгы жана практикалык сунуштарын кайрадан оңдоп жазып чыгуу зарыл.

Эксперттин сунушу:

Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын

“Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)” аттуу диссертациясынын кол жазмасы жана тийешелүү иш-кагаздары айтылган сын пикирлерди оңдоп-түздөгөндөн соң Диссертациялык Кеңешке кабыл алынсын. Кол жазмадагы плагиат маселеси да талкууга коюлсун.
Жогорудагы мүчүлүштүктөр түзөтүлгөндөн кийин эксперттер кол жазманы кайрадан окуп чыгышып, тыянактарын айткандары талапка ылайык болот.
Эксперт: Каратаев О.К., профессор, тарых илимдеринин доктору 09.04.2025.

**Төрөга**: Бардык ишке сын-пикир айтылат. Менимче автордун чогулткан талаа материалдары эске салынат болуш керек. Сөз жактоочу Н.Э,Сапиева берилет.
Н.Э. Сапиева: Рахмат, О.К. Каратаевдин берген диссертацияга берген пикирине рахмат.
Анын пикири менин ишимди башка ракурста караганга жардам берди.
1. Глава деген - орусча, бап (боб) деген - тажикче (Бөлүм деп атоо зарыл);
Биз илимий жетекчим экөөбүз биргелешип, маклдашып Бап деп жазууну чечтик.
2. Лейлек, Сүлүктүгө барылды. Бир сыйра каралды. Негизинен Лейлек, Сүлүктүнүн исламга чейинки ишенимдери Баткен аймагына окшоп кетет. Стационардык айыл алынган эмес. Темада Ферфананын түштүгү деп берилип жатат.
3. Иштин максаты жана милдеттери кайрадан каралып чыгат.
4. Жоболор кайра каралат. Темага бардык пунктар туура келет. Себеби мен ракурсту фетишке, тотемге, анимизмге жана башкычылыка койгонмун.
5 диссертациянын так мезгили берилген эгемендүүлүктөн бери б.а. тема Азаркы мезгилдеги ...... деп берилген.
6. Иштин географиялык алкагы темада айтылган Ферфананын түштүгүнүн мисалы деп. Ал эми түштүк-батышы деген жазылып калгакн жерлер ондолуп чыгат.
11. Бонвало, Хаттингтон, Гордон ж.б , орус илмпоздорунун Громбчевский, Федченко, Наливкиндер, Головина ж.б. эмгектерин пайдаланган эмесмин.
Т,Д, Баялиеванын китептерин мен көчүргөн жокмун мен анын китептерин окуп чыкканмын. Басиловдун 6 китебинин электрондук варианты бар.
Умаралиевдин диссертациясын көчүрүп алган деген доомат туура эмес.
Айтиеванын диссертациясын көчүргөн эмесмин. Г.Айтпаеванын китептеринде Касиеттүү Баткен жери жана эл билими деген китебин окуганмын анда элден чогултулган материялдар бар, ал эми мен ал ыйык жерлерге өзүм барып келдим.
Ноокат, Кадамжай жана Баткен аймактарындагы стоционардык айылдардын чарбасын жайгашкан георафиялык алкагын мен жазышым керек деп ойлойм. Себеби Ноокаттын чыгыш тарабы тоо тарапка ыкташкандыктан ал жерде тотемдик ишенимдер жакшы сакталып калган. Бул негизде алардын чарбасындагы өзгөчөлүктөр сөзсүз жазылыш керек деп ойлойм.

Анимизм боюнча бар жазылган. Эмгектен көрсөнүздөр болот. Анимизм деген эмне ал кандай деген суроолорго жооп жазылган.
Отко сыйынуунун генезисин мен карап чыгам.
Фетишиздеги 3 бетти мен көчургөн да жокмун жымсалдаган да жокмун. Куран Карим кошуп жатпайбы исламга чейинки ишенимдер уютку катары колдонулуп, ал ислам дини менен синкреттешип, тотемде, анимизмде, Умай энеге арналган жөрөлгөлөрдүн баарында Курандан сүрөөлөр жана аяттар окулуп жатат.
Умай энеге тиешеси бар. Себеби мен атап өткөн аялдар гана өткөрө турган жөрөлгөлөдө, биринчиден жалаң гана аялдар чогулуп жатат, экинчиден жөрөлгөлөрдүн маани маңызына карап, жесир аялдар же өнүп өскөн аялдар чолулуп, атинча келип окуп жатат. Ууз аш жөрөлгөсү малдын пири Зенги бабага арналалат, ууз тамак бышырылат. Ал жердеги жалаң гана аялдардын топтолушу, Зенги банын аялы Омбар эне жөнүндөгү уламыштар, малдын төлүнүн брекелүү болуусуна тилек кылуу менен бир эле мезгилде тотемдик жана Умай эне ишенимине тиешелүү болуп жатат.
Перзент уурдоо ырымында болсо баласы турбаган аял жаңы балалуу болгон үй-бүлөнүн баласын уурдап, жети күн карап жатат. Ошол эле учурда жети улак союлуп жатат. Бул да бир эле мезгилде тотемизге жана Ума эне культунун сакталышы болуп эсептелинет. Жети улакты демоногиялык күчтөргө курмандыка чалып, төрөлгөн баланын өмүрүнө, ден соолугуна зыян келтигинин алдын ала чара көрүлүп жатат.\
Акыйка жөрөгөсүндо болсо перзент көрбөгөн үй-бүлө үчүн жасалып, туула турган бөбөктүн өмүрү жана ден соолугу чың болуусу үчүн алдын ала өткөрүлүп жатат. Ал эми азыркы Акыйка исламдагы бала төрөлгөндөн 7 күндөн кийин аткарылып анын деле маңызы демонологиялык күчтөргө садага чабуу болуп эсептелинет.
Мүшкүл фарс тилен которгондо азап, ал эми кишод алуу дегенди түшүндүрөт. Мүшкүл кишод жөрөлгөсүндө аялдар топтолуп, алардын башында атинча туруп рываят айтылып, жети шам , мейиз иштетилет. Рываятта азыркы батыштын Золушка мультигинин негизги мазмуну айтылат б.а. Жетим кыз, жалаң аялдардын топтолушу жана азабын жеңилдетүү максатында аткарылып жатат. Бул да Умай эне культуна такалып жатат.
Перзент суроо ырымында супараны жайып, ак сурпту анын үстүнө жайып, жети жерге шам күйгүзүп атинча аял Курандын аяттарын жана сүрөлөрүн окуйт. Бул ырымда 3 же 5 аял катышат. Фетиштик негизде супранын жайылышы, жети шамдын күйгүзүлүшү Курандан аяттар жана сүрөлөрдүн окулу менен чогу фокус балага жана аялдардын балалуу болушуна коюлуп жатат. Дал ушуга себеп жөгөрудагы атап өткөзүлүп жаткан жөрөлгөлөрдүн баарынын түпкү маңызы Умай эне культуна барып такалып жатат.
Жогорудагы дооматтар туура болгондо тменин ишим антиплагияттан 82,45 болуп чыкмак эмес. Мен талаа материалдарын топтогондо жөрөлгөлөргө өзүм катышып жүрдүм, сыйынуучу жайларга өзүм көзүм менен көрүп келдим. Сүрөттөрүм, видеолорум тастыктайт. Таскин жана Бичуриндин

Кытай жазма булактарын которгондор алардын китебинде менин темама тиешелүү жери бар аларды колдондум. Кемчиликтерими оңдойм.
Төрөга: Н.Э. Сапиева жообуңуз абдан ишенимдүү болду. Мындай сын-пикирлер айтылган мезгилде талаа материялдарынын негизинде аргументтүү жооп берилди. Чындыгында сын-пикирлерде жалпылаштырган сындар бар болчу аларгы сиз так даана жооп бергенге аракет кылдыңыз. Сизге рахмат. т.и.д. Т.Чоротегин кошумча сөзгө чыгат.
**т.и.д. Т.К. Чоротегин:** Урматтуу кесиптештер ушундай кайчы пикирди ачык жазган жана ачык айткан керек, себеби эмгекти жакшыртыш үчүн керек. Ошол үчүн О.Кубатбековичтин бул аракетин колдош керек. Бирок өзү келбеди өзү келсе жакшы болмок. Баарын талкуулаганыбыз жакшы. Шилтеме маселесинде ар бир параграфта бир нече шилтемелерди жза бериңиз. Идеалар бири-бирине окшой берет. Кээ бири менин ишмди уурдап алыптыр деп ойлойт. Ал жалпы этнографиялык чындык болушу мүмкүн. Экинчиден Азыркы мезгилдеги..... деген сөздүн өзү хронологиялык алкак болуп эсептелинет. Мен кыргыз терминдерин киргизгенге аракет кылганмын ошолордун бири БАП деген сөз. Бул сөз фарс эмес араб сөзү болуп эсептелинет. БАП сөзү дарбаза, экинчи мааниси чыгармалардагы бөлүмдөрдүн маанисин берет. Ошондуктан бул пикир О.Кубатбековичтин жеке пикири деп кабыл алыш керек. Диссертациядагы БАП сөзүн мен толук колдойм. Мен өзүм жактаган 1998-жылы жактаган эмгегимде БАП деп киргизгенмин. Эгерде ишиңдеги кемчиликтерди көрүп калсаң оңдогонго аракет кыл. Умай культундагы маселени автор өзүнүн талаа материалдарынын негизинде байкаганынын айтты. Жалпысынана диссертацияны бүткөн иш катары сунуш кылууга арзыйт деп атастыктап айткым келет, рахмат.
Төрөга: Рахмат. Кийинки сөз А.Р. Жоошбековада.
**т.и.д.,профессор А.Р. Жоошбекова**: Ар бир эксперттин ой-пикирин сыйлашыбыз керек.35 пунктан турган сын-пикирди жалпылап бир топ кыскартса болмок. Ошондо азаймак. Информаторлор бар, талаа материялдары көп, тиркемеси бар. Мен Н.Э.Сапиеванын талкуусуна катышканмын Изилдөөчү өзү азыркы айткан жообунан бул тема менен жашап, бул темага киргендигин, ар бир талаа материалдарын салыштырып өзүнүн жыйынтыктары бар экенин көрсотүп жатат. Башка эксперттердин пикирлерин угуп добушка коюлганда чечилет го деп ойлойм, рахмат.
**Төрөга:** рахмат. Ушундай сын-пикирлер менен иштин көркү ачылат, сиз капа болбоңуз. Анда сөз И.Разаков атындагы техникалык университетинин доценти, т.и.к. К.Т.Алимовада.
**т.и.к. К.Т.Алимова:** Саламатсыздарбы урматтуу дискеңештин мүчөлөрү. Н.Э.Сапиеванын "Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)" аттуу диссертациясынын кол жазмасына берген кортундуну жаздым. Биринчиден эмгек такыр эле жасалбай калды дегендге туп тамырынан каршымын жана автор тарабынан чоң эмгек жасалган. Иште стационардык айылдар Чеч-Дөбө, Орозбеков, Бужум айылдары алынган.

Ошондой эле иште талаа материалдары кеңири колонулган. Теманын актуалдуулугу, методологиясы бар. Ошондой эле кандидаттык иш бул ишимге кадам дегендей автор О.Кубатбековичтин сын-пикирине күчтонүп алды мен ойлойм автор 5-6 жылда оңдоп түзөп докторлугун жактайт деген ойдомун. Жаңычылдыгы сурамжылоо жүргүзгөнү деп эсептейм. Ислам дини VIII пайда болуп, азыркы күндө кыргыз коомунда күчөгөнүнө карабастан, архаикалык диндер да ал менен бирге жашап келет.Кыргызстандагы исламдын өзгөчөлүгү исламга чейинки ишенимдер менен бирдикте ислам динин синкреттешиши болуп эсептелинет. Эмгекте синкреттешүүнү айтып кеткен.Умай эне культундагы жөрөлгөлөрдүн өткөрүлү, бул тажик улутунун таасири болуш керек. Бирок биз бүгүнкү күнү деле балдарды эмдөөдө менин колум эмес, Умай эненин колу деген соз ар бирибиздин жашообузда жашап келет. Сунушум бакшылардын жана эмчи-домчулардын ишмердүүлүгүн негизинде зыян тарткандар барбы бар болсо кандай негизде деген болгон. Иште оркойгон грамматикалык каталар жок. Бир аз бар аны оңдосо болот. Ар бир параграфтын артында жыйынтыктар бар аны кайталоонун кереги жок.

Баткен мамлекеттик университетинин Кызыл-Кыя техника-экономика жана укук институтунун “Гуманитардык педогогикалык жана тил дисциплиналар” кафедрасынын окутуучусу Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын 07.00.07 - этнография, этнология, антропология адистиги боюнча “Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши. (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)” деген темада тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасына Д 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин Эксперттик комиссиясынын мүчөсү т.и.к., доценттин милдетин аткаруучу К.Т.Алимованын

КОРУТУНДУСУ:

1. 07.00.07 - этнография, этнология, антропология адистиги боюнча даярдалган иштин Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши. Изденүүчү Н.Э. Сапиеванын “Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши. (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)” аталган темада жазылган кандидаттык диссертациясы Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д. 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин профилдик багытына туура келет.

Каралып жаткан диссертациялык иште XXI кылымдын башындагы кыргыздардын исламга чейинки ишенимдеринин жашап келиши изилденген. Диссертациялык иштин мазмуну 07.00.07 - этнография, этнология, антропология адистигинин паспортуна ылайык келет.

Илимий иштин максаты катары автор XXI к. башындагы хронологиялык алкактагы Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы кыргыздарда исламга чейинки ишенимдердин сакталышын ар тараптан иликтеп

көрсөтүүнү көздөгөн. Автор өзүнүн алдына койгон максатына жетүүдө төмөнкү милдеттерди койгон:

- тема боюнча негизги булактар менен адабияттарга комплекстүү анализ берүү;
- иликтенген аймактагы исламга чейинки ишенимдер боюнча маалыматтарды чагылдырган байыркы жазма эстеликтерге, орто кылымдардагы тарыхый булактарга, совет мезгилине чейинки орус, чет элдик окумуштуу-саякатчылардын эмгектерине, эгемен мезгилде жазылган илимий изилдөөлөргө булакнаамалык жана тарыхнаамалык талдоолор жүргүзүү;
- кыргыздардын исламга чейинки ишенимдеринин жашап келиши жана алардын транцформацияланышы, дүйнө таанымын изилдөөдө күткөн жыйынтыктарга жетүү үчүн, иштин илимий-методологиялык негиздерин аныктоо;
- эл арасындагы фетиштик ишенимдердин жашап келишин изилдөө;
- кыргыздардын отко болгон ишенимин ачып көрсөтүү;
- Жер-Суу культу жана ага арналган жөрөлгөлөрдү изилдөө;
- кожо жана эшендердин мазарларынын коомдогу ордун аныктоо;
- Умай энеге болгон ишенимдердин сакталышы жана аялдар гана бара турган мазарларды жана алар өткөрө турган чакан кудайыларды иликтөө;
- тотемге болгон ишенимдердин калдыктарын аныктоо;
- ата-бабалар культунун сакталышын ачып көрсөтүү;
- бакшылык жана жин кубар молдолор өзгөчөлүгүн жана окшоштуктарын изилдөө;

Диссертациянын изилдөө объектиси XXI к. башындагы Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын азыркы учурдагы исламга чейинки ишенимдерин изилдөө. Иштин предмети катары XXI к. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы элдин ислам динине чейинки ишенүүлөрү анимизм жана сөөк көмүү салты, фетишизм, тотемизмдин калдыктары жана бакшычылыктын жашап келүүсү болуп саналат.

Иштин методологиялык негизин тарыхчы, этнолог, антропологдор тарабынан иштелип чыккан объективдүүлүк, салыштырма-тарыхый ыкма, байкоо жүргүзүү, маектешүү, ретроспективдүү ыкмалар түзгөн. Эмгек 07.00.07 - этнография, этнология, антропология адистиги боюнча коюлган талаптарга жооп берет.

Диссертациянын темасынын актуалдуулугун автор төмөндөгүдөй негиздейт: Азыркы мезгилдеги илимий-техникалык жүрүмдөр жана дүйнөдөгү ааламдашуу учурунда, элдердин маданиятындагы жана ааламды кабыл алуудагы көз караштар, барган сайын тездик менен өсүп өнүгүп жатат. Этностордун билими жана ага байланыштуу ички дүйнөсүнүн руху өзгөрүп-өнүгүп келүүдө. Кыргыздар ислам динин туткан жана ага ишенген этностордун бирине кирет. Ислам дининин коомдо кеңири алкакта эл ичинде орун алганына карабастан, ага чейинки архаикалык ишенимдери жана көз караштар ушул мезгилге чейин жашап келет. Кыргыздарда исламга чейинки ишенимдери менен ислам динине ишенүү, бири-бирине жуурулушуп,

синкретизм көрүнүшү уланууда. Элдердин мазар таштарга, фетиштик буюмдарга, ар кандай булактарга барып, алардын жогорку күчүнө ишенип, ошону менен бирге Куран окуу жана Куран түшүрүү адаттагы көрүнүш болуп калды. Ал жерлерде мал союлуп, тамак-аш бышырылып, тамактануу, ыйык жергелерге ишенүү, ал ыйык жерлерге жана ар кандай оору сыркоодон арылуунун жолун издөөнүн көрүнүшү, адатка айланып бара жатат. Нерв ооруларын айыктырууда, жин кубар молдолордун кызматынан пайдалангандар, адамдарды ички көйгөйлөрүнүн негизинде жубай табуу, ишинин оңунан жүрүүсү, балалуу болуу максатында бакшыларга кайрылгандар арбын болууда. Исламга чейинки культтардын калдыктарынын аралашмасы болгон, элдик ишенимдер жана көз караштар, анын негизинде калыптанган ислам синкретизми жана өзгөчө ырым-жырымдар, бийликтин репрессиялык таасирине туруктуу болуп, кайра куруу жылдарында кайрадан жаңыланып, жаралды. Бул жүрүмдөрдүн ачык-айкын көрсөткүчү катары, адегенде табигый сыйынуучу жайлардын жана олуялар деп эсептелип калган күмбөздөрдүн кеңири оңдоп-түзөөдөн өтүшү, андан кийин жаңы мечиттердин курулушу, көптөгөн медреселердин ачылышы, калктын динге болгон ишеними жогорку деңгээлге көтөрүлгөнүн далилдейт.

Бул көрүнүшкө карабастан, кыргыздарда исламга чейинки ишенимдердин калдыктары сакталып, тескеринче толук түрдө ыңгайлашып, ислам дини менен сиңишип, жуурулушуп, синкреттешип, анын маңызы жаңы бир тепкич катары элге кызмат кылууда.

Кыргыздардын архаикалык диний ишенимдери, миңдеген жылдар салттуу коомдон бери келе жаткан ишеним болуу менен кыргыздардын канына, дилине жана аң сезимине терең сиңген. Кыргыздардын көчмөн чарбада жашагандыгы архаикалык ишенимдердин жашап келишине себеп болгон.

Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы Баткен, Кадамжай жана Ноокат өрөөндөрүндөгү исламга чейинки ишенимдердин сакталышы жана өзгөчөлүктөрү, азыркы күндө изилдөөгө муктаж. Кыргыздардын исламга чейинки ишенимдери боюнча көптөгөн изилдөөлөр болгон, бирок жогорудагы аты аталган өрөөндөгү жашаган кыргыздардын ишенимдери изилдөөнүн обьектиси болгон эмес.

2. Илимий жыйынтыктары

Диссертациянын темасы боюнча жүргүзүлгөн иликтөөлөрдүн негизинде бир катар жобо чыгарылган. Алар төмөнкүлөр:

1-жыйынтык. Автор тарабынан теманын актуалдуулугу конкреттүү көрсөтүлгөн. Изилдөөнүн максаттары жана тапшырмалары туура коюлган;

2-жыйынтык. Аткарылган эмгек кыргыз этнология илиминде XXI к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын күнүмдүк жашоосундагы исламга чейинки ишенимдерди өзүнө камтыган ырым-жырымдар, жөрөлгөлөр, каада-салттар атайын өзүнчө изилдөөгө аракет жасалган алгачкы эмгек болуп саналат;

3-жыйынтык. XXI к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардагы фетиштик ишенимдер; сүрөөлөр жана аяттар жазылган

тумарлар, көз мончок, долононун түйүнү, көз тикен, ачуу калемпир кирсе, ал эми айдын толгон мезгилиндеги ырымдар, суунун, туздун ыйыктыгы аны менен катар “кут кую” жөрөлгөсү ар тараптан изилденген;
4-жыйынтык. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын отко сыйынуунун калдыктарынын негизинде пайда болгон ырым-жырымдар аластоо салты, жаңы келген келинди “отко киргизүү” салты, дене-мүчөлөр ооруса “үмүткерлерди атоо”, көптөн бери бала күткөн аялдар үчүн өткөрүлө турган “перзент суроо”, адамдын азабы жеңил болуусу үчүн “мүшкүл кишот” жөрөлгөлөрүндө от тазалайт жана анын дымы асманга көтөрүлүп, тилектер бат орундалат деген ишенимде аткарылгандыгы этнографиялык талаа материалдарынын негизинде каралган;
5-жыйынтык Жер-Суу культуна сыйынуу жана ага арналган жөрөлгөлөр Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздарда “жан кудайы”, “дарвишана”, “кудайы” аталган жөрөлгөлөр этнографиялык талаа материалдарынын негизинде каралган;
6-жыйынтык. Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн кыргыздардын Умай эне культунун алкагында пайда болгон ишенимдердин, жөрөлгөлөрдүн, ырым-жырымдардын элдин күнүмдүк жашоосунда негизги орунду ээлегендиги изилдөөдө көрсөтүлгөн;
7-жыйынтык. Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн жашаган калк арасында исламга чейинки ишенимдердеги жалпы өзгөчөлүктөр жана суфийлик көз караштар менен болгон синкреттешкен. Аны менен бирге жергиликтүү калктын арасындагы кожо жана эшендердин мазарларынын ыйыкталышы жана аны мнен бирге табигый мазарлардын сакталышы, калктын аларга болгон сый мамилесинин сакталышынын өзгөчөлүктөрү этнографиялык талаа материалдардын негизинде изилденген;
8-жыйынтык. Кыргыздарда исламга чейинки ишенимдердин арасынан мифтик тотемдик ишенимдердин издери кыргыздардын күнүмдүк ырым-жырымдарында, соода жүргүзүүдө, аң уулоодо, фольклордо терең сакталып калгандыгы изилденген;
9-жыйынтык. Тотемдик ишенимдердеги ырым-жырымдар, ымыркайга арналып өткөрүлүүчү жөрөлгөлөрдө баланын өмүрүн сактоочу катары кабыл алынышы, малдын өзү - алардын жүндөрү, малдын түсү, сөөктөрү жана аларга колдонгон буюмдар - камчы, козу байланган көгөн, мал байланган аркан-жиптер, жылкы жабдуулары, сүт азыктарынын аздектеп пайдалануусу көрсөтүлгөн;
10-жыйынтык. Ата-бабалардын арбактарына ишенүүдө исламга чейинки ишенимдер жана исламдагы салттардын синкреттелиши, зыярат кылуучу жайлардын рухтарын аттарын атап “ортомчу” (вахиле) катары коюп, Алладан сурануу менен Курандын окулушу, сөөк жок туруп ага атап “кары” көтөрүү же жалган мүрзөнүн болушу этнографиялык талаа материалдардын негизинде изилденген;
11-жыйынтык. Ислам салтынын алкагында сөөк коюу аткарылгандыгы менен бирге жоктоп ыйлоо, маркумга атап кошок айтуу, эркек тууганынын өкүрүп кирүүсү маркумдун кийимин бөлүштүрүү, ага атап жыт чыгаруу, каза

болгондон кийин, үч күн катар менен маркумдун мүрзөсүнө зыярат кылуу, башына суу куюу, жыртыш берүү менен бирге жалгыз мүрзөнүн коюлушу, сөөгү жок мүрзөлөрдүн жасалышы, кайрадан көмүү же кепинин жеп койду, жер албай койду деген түшүнүктөр чагылдырылган;

12-жыйынтык. Бакшычылыктын жана жин кубар молдолордун окшоштуктары жана өзгөчөлүктөрүн жана алардын басып өткөн тарыхы узак жана анын көп кырдуулугу, исламга чейинки ишенимдер жана ислам дининин синкреттешкендигинин жыйынтыгы этнографиялык талаа материалдардын негизинде изилденген;

12-жыйынтык. Эмчи-домчулар исламга чейинки ишенимдердин бакшылык түрүнө кирип, көптөгөн архаикалык ырым-жырымдардын, сыйкырдуу кыймыл-аракеттер менен ишмердик жүргүзгөнүн жана исламдын таасири тереӊ сиӊип, аны менен жуурулушуп, Курандагы сүрөөлөр, аяттар жана Алланын ысымын атоо менен коштолгон ишмердүүлүктөр изилдеген.

4. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли

1-жыйынтык. Ар бир жыйынтыктын негиздүү далилдөөгө далалат жасаган. Н.Э. Сапиеванын жазма, этнографиялык, фольклордук материалдарды тартуу менен колдонгон изилдөө ыкмалары диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда өбөлгө түзгөн;

2-жыйынтык. Диссертация бир катар жаңы илимий жыйынтыктарга ээ, бул автордун этнология илиминин өнүгүүсүнө кошкон жеке салымы тууралуу кабар берип, иштин ички биримдигин далилдеп турат;

3-жыйынтык. Стационардык үч изилденген калктуу конуштан жыйналган маалыматтардын негизинде Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы кыргыздардын салттуу коомундагы исламга чейинки ишенимдеринин сакталышы боюнча мүнөздөмө берилген;

3-жыйынтык. Исламга чейинки ишенимдери азыркы мезгилге чейин белгисиз болгон, же толук маалымат берилбей келген илимий анализдин негизинде, толукталып, сүрөттөрү жана видеолору менен көрсөтүлгөн;

4-жыйынтык. Иликтенген аймактагы кыргыздардын исламга чейинки ишенимдерди өзүнө камтыгын ырым-жырымдары, каада-салттары жана жөрөлгөлөрү элдик оозеки чыгармалардын (макал-лакаптарда, Манас эпосунда жана кенже эпостордогу архаикалык ишенимдер тууралу маалыматтар табууга болот), талаа материалдарынын негизинде тастыкталган.

5. Диссертациялык иштеги ар бир илимий жыйынтыктын (жобонун), корутундунун жаңычылдыгынын деңгээли

Диссертация бир катар жаңы илимий жыйынтыктарга ээ, бул автордун этнология илиминин өнүгүүсүнө кошкон жеке салымы тууралуу кабар берип, иштин ички биримдигин далилдеп турат.

Этнографиялык планда аталган маселе алгачкы жолу изилденип жаткандыктан жаңы болуп эсептелет.

6. Диссертациянын илимий-практикалык мааанисин ачууда, изилдеген маселелерди чечүүдө чыгарылган жыйынтыктардын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо

Исламга чейинки ишенимдер ааламдашуу жүрүмү менен биргеликте муундан-муунга берилүүчү салт-санаа, ырым-жырымдардын топтомун түзө алат. Жогорудагы топтом элдин жашоосундагы жазылбаган мыйзам катары кабыл алынып, ал шарт жүзүндө тыкыр жана үзгүлтүксүз аткарылып келинет Исламга чейинки ишенимдерди изилдөөнүн негизинде этникалык тарыхтын, этномаданий процесстин жалпы көйгөйлөрүн тереңирээк түшүнүүгө мүмкүндүк берүүчү булактардын бири катары кароого мүмкүндүк берет.
Исламга чейинки ишенимдерин андан ары изилдөө кыргыздардын башка тектеш жана коңшу этностор менен этногенетикалык жана этномаданий мамилелерин аныктоого жардам берет.

Изилдөөнүн илимий-теориялык жыйынтыктары кыргыз элинин исламга чейинки ишенимдери боюнча тарыхый адабияттардын тизмесин толуктап, кыргыздардын дүйнө таанымынын мыкты деңгээлде өнүккөндүгү тууралуу маалыматтарды берип, түшүнүктөрүн кеңейтет. Диссертациялык иштин материалдары менен негизги жоболору коомдук илимдер, дин таануучуларга, ошондой эле орто жана жогорку кесиптик окуу жайлары үчүн дарстарды, атайын курстарды, окуу китептерди, усулдук колдонмолорду даярдоодо кеңири колдонулушу мүмкүн. Бул эмгек тарыхчыларга, этнографтарга, жалпы илим иликтөөчүлөргө жана дин таануучуларга да баалуу материал боло алат. Изилдөөнүн жыйынтыктары кыргыз элинин этномаданиятын, этнография жана атайын курстарды студенттер үчүн окууга, жалпы эле билим алган окуучуларга, жаштарга сунуштаса болот. Бул эмгектин жыйынтыктары жалпы эле коомчулукка керек болушу абзел.

7. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши

Диссертациянын максаты жана милдеттерине авторефераттын тексттинде чагылдырылган материалдар толугу менен жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилдеринде бири-бирине мазмундук жагынан окшош (идентивдүү) резюмелер менен жабдылган.

8. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар

Илимий изилдөөдө кетирилген кээ бир кемчиликтерди же өксүктөрдү жоюу үчүн айрым сунуштарым төмөндөгүдөй:

1.Диссертант таыхнаамалык бөлүктө изилөөгө тийешелүү болгон бир топ кыргызстандык окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн натыйжасын чагылдырган эмес;

2. Исламга чейинки ишенимдерди изилдөөдө жыйынтыктуу иштерге жетүү үчүн илимий-теориялык негиздердин топтомун иштеп чыгуу сунушу так ким тарабынан иштелип чыгары аныкталса жакшы болмок;

3. Бүгүнкү күндө да эмчи-домчу, бакшылык, кыргызчылыктын айынан айрым адамдар ооруусун айыктырам деп, барып набыт болгонго чейинки абалга жеткендерин ачып, ага ылайык сунуштар берилсе изилдөөлөр мыкты деңгээлге чыкмак;

4. Стилистикалык, орфографиялык жана граматикалык каталар көп эмес, бирок кайра карап чыгуу зарыл.
9.Изденүүчүнүн баштапкы материалдары менен таанышуусу
1. Изденүүчү диссертациянын үстүнөн он жылдан ашуун убакыт эмгектенген (2015-ж. бери);
2. Диссертант индивидуалдуу түрдө Кыргызстандын аймагында, жана Баткен облусундагы айылдарда талаа материалдарын чогулткан, аткарылган иштери жөнүндө тиркемедеги сүрөттөр, видеолор далил;
3. Диссертация Ош мамлекеттик университетинин Тарых жана Юридика институту “Кыргызстан тарыхы жана археология, этнология” кафедрасында 2024-жылдын 6-декабрында талкууга алынган.
10. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тематика боюнча жарыялаган эмгектеринде тастыкталышы
Н.Э. Сапиеванынын илимий макалалары кандидаттык диссертациясынын темасынын алкагында жарыяланып, андагы көтөрүлгөн маселелерди чагылдырып турат. Алар Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын талаптарына жооп берет.
1. Сапиева, Н. Э. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардагы отко сыйынуунун калдыктары [Текст] / Н. Э. Сапиева // Изв. ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2024. – № 3. – 197-б. https://elibrary.ru/item.asp?id=80310590
2. Сапиева, Н. Э. Кыргыздардагы фетишизм ишенимдеринин жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышынын мисалында) [Текст] / Н. Э. Сапиева // Изв. ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2024. – № 3. – С. 192–196. https://elibrary.ru/item.asp?id=80310589
3. Сапиева, Н. Э. Жер-Суу культу ага байланышкан жөрөлгөлөр жана ырым-жырымдар [Текст] / Н. Э. Сапиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2024. – № 7. – С. https://elibrary.ru/item.asp?id=80310589
4. Сапиева, Н. Э. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы бакшылык жана жин кубар молдолор [Текст] / Н. Э. Сапиева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2024. – № 7. – С. https://elibrary.ru/item.asp?id=80428238
5. Сапиева, Н. Э. Азыркы учурдагы зыярат жасалуучу ыйык жайлардын (кожо жана эшендердин мазары) коомдогу орду [Текст] / Н. Э. Сапиева // Кыргыз респ. УИ акад. кабарлары. – Бишкек, 2024. – № 1. – 72–78-б. https://elibrary.ru/item.asp?id=67930665
6. Сапиева, Н. Э. Ата-бабалардын рухуна болгон ишеним [Текст] / Н. Э. Сапиева // Кыргыз респ. УИ акад. кабарлары. – Бишкек, 2023. – № 4. – 83–89-б. https://elibrary.ru/item.asp?id=59904728
7. Сапиева, Н. Э. Аялдар бара турган мазарлар жана аялдар өткөрө турган чакан кудайылар [Текст]: очный докл. / Н. Э. Сапиева // Программа Междунар. науч. конф.: Древние и средневековые культуры Ферганской долины в контексте взаимодействия кочевых и оседлых обществ Центр. Азии.

25-26 окт. 2024 г. – Ош, 2024. – С .65–74. https://elibrary.ru/item.asp?id=79718630
8. Сапиева, Н. Э. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы тотемизмдин калдыктарынын жашап келиши [Текст] / Н. Э. Сапиева // Вестн. Междунар. ун-та им. К. Ш. Токтоматова. – Жалал-Абад, 2023. – № 4. – С.108-114. https://mnu.kg/wp-content/uploads/2025/02/vestnik-%E2%84%964-2023.pdf
9. Сапиева, Н. Э. Бакшылыктагы ыйык сыйынуучу жайлардын орду [Текст] / Н. Э. Сапиева // Вестн. Междунар. ун-та им. К. Ш. Токтоматова. – Жалал-Абад, 2023. – № 4. – С. 102-107. https://mnu.kg/wp-content/uploads/2025/02/vestnik-%E2%84%964-2023.pdf
10. Сапиева, Н. Э. Погребальная традиция (на примере кыргызов юго-запада Ферганской долины) [Текст] / Н. Э. Сапиева // Вестн. Ош. гос. ун-та. – 2024. – № 2. – С. 263–270. https://elibrary.ru/item.asp?id=69159661
11. Сапиева, Н. Э. Азыркы учурдагы зыярат жасалуучу ыйык жайлар [Текст] / Н. Э. Сапиева // Баткен мамл. ун-нин жарчысы. – 2022. – № 1. – 73–75-б.
12. Сапиева, Н. Э. Totem Beliefs in Livestock Farming in the Southwest of the Ferhana Valley (article) [Text] / Н. Э. Сапиева // Bulletin of Science and Practice. – Nizhnevartovsk, 2025. – № 2. https://www.bulletennauki.ru/gallery/111_63.pdf

Жалпысынан, диссертациялык эмгек теориялык жана методикалык жетиштүү деңгээлде, илимий жатык тилде жазылган. Н.Э. Сапиеванын кандидаттык диссертациясы – Кыргыз Республикасынын УАКнын талаптарына толук шайкеш, өз алдынча жазылган илимий иш. Жогоруда белгилегендерди эске алып, Сапиева Нурия Эрмекбаевнанын “Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)” аттуу темадагы 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын корутундубуздагы белгиленген кемчиликтерди жоюу, сын пикир, сунуштарды жана каалоолорду эске алуу шарты менен Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 07.23.674 Диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кыламын.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү:
тарых илимдеринин кандидаты,
И.Раззаков атындагы КМТУнун доценти: Алимова К.Т.
01.04.2025.
Бишкек шаары, Кыргыз Республикасы.

Предметтерге, тотемге, арбактарга сыйынуулар талаа материалынын, сурамжылоонун жана А.Асанкановдун жетекчилигинин негизинде жакшы эмгек жаралды деп бул эмгекти мен улуттук аттестациянын комиссиянын карамагына жактоого сунуштайм, рахмат.

**Төрөга:** Анда сөздү изилденүүчү Н.Э. Сапиева берсек.

**Н.Э. Сапиева:** Рахмат. К.Алибекованын сунуштарынын негизинде мен диссертациянын кээ бир жерлерин оңдоп түзөттүм. Экинчи сунушта эмчи-

домчулардын баланы эмдөө ишмердүүлүгүндөгү аракеттердин мен үч түрүн белгилегенмин. Рахит оорусун эмдегендер Ун менен, куйрук менен ошондой эле үч ачалуу дарактан өткөрүү, башына нокто деп коёт боз үйдүн түндүгүнүн формасына окшогон ак кездемеден тигилген нерсени баланын башына кийгизип, теңдеп эмдөөлөрдү жазганмын. Жүрөгү түшкөндөрдү астанага жаткырып, теше жана балта менен таманына тийгизип эмдөө, коргошун куюу, катуу отко какталган капкүргө суу бүркүп жүрөк көтөүүнү жазганмын. Мында балага зыян келтирүүлөр жок. Ал эми табыпчылыкта кездешет катуу укалоонун терс таасири, керексиз тундурмаларды ичүүнүн негизинде ден соолука зыян келгенин билебиз. Бакшычылык жана жин кубар молдолордун ишмердүүлүгү жабык тема деп каралып, зыян келтирүү боюнча. Бирок биз кайра-кайра сурамжылап, алдыларына кирип маалымат чогулттук.

**Төрөга:** Рахмат Н.Эрмекбаевна. Экперттердин суроосуна Н.Эрмекбаевна жооп берди. Эгер суроонуздар болсо бериңиздер.

т.и.д. Т. Чоротегин: О.Кубатбековичтин 29 пунктунда Тажикстандан чыккан китеп жөнүндө айтылып жатат. Азыр толтура электрондук китептерди алса болот.

Мен көбүнчө электронндук китептерди колдондум, айына 9 доллардан обанеттик тарифтин негизинде алып окуп жаттым. Ошондой эле менин англис тилди билгеним да мага жардам берди.

**т.и.д. доцент А.З. Жапаров**: Саламатсыздарбы. Изилденүүчү биз деп жатты өзүнүн ишин биз эмес, мен деши керек. Себеби изилдеген өзү болуп жатат.

**т.и.д., доцент Бикбулатова А.Р:** О.Кубатбекович көчүрүлгөн деп барактарынан бери айтып жатат. Ал улуттук комиссия антиплагиатка бергенде 82,45 деп чыгып жатат. Кимисине ишенишибиз керек. Ошондуктан ман антиплагиатка алдын ала изденүүчүлөрдү салдырам. Ошондой эле 2 эксперт колдоп жатат бул ишти, ал эми бир эксперт мүчүлүштүктөрдү оңдосун деп жатат. Бирок мен башында айткамын О.Кубатбековичтин кортундусунун формасы аттестациялык комиссиянын талабына туура келбейт. Жалаң гана сын-пикир жазылган.Кайрадан жазып бериңиз десем бүгүн эрте менен берди. Мен бул формадагы кортундуну ВАКтын сайтына илемби.. Ушуну чечип берсеңиздер.

**т.и.д. Т.К. Чоротегин** айтылган сын-пикирлерди сактап, бирок улуттук аттестациянын формасына салып берсин. Бизде талкуу болду ага ылайык жооп айтылды.

**т.и.д., доцент Бикбулатова А.Р**: Бул ишти андан ары улантабызбы же жокпу добуш берүү менен чечебиз.

**т.и.д.п., академик Асанканов А.А**: Менин практикамда 50 жылдан бери биринчи жолу ушундай болуп жатат. Себеби мен окуучуларымы өтө катуу талап коюп иштетем. Мен О.Кубатбековичтин кортундусун жана эле окудум. Себеби бүгүн берди. Биринчиден даярдыгы бар изилденүүчү, ушундай сын-пикирге Кызыл-Кыяда туруп, жогорудагыдай жоопторду берди. Мен изилденүүчүнү азамат деп айта алам. Токтоо туруп жооп берди, эч кандай эмоцияга алдырбай. Балким субьективный балким обьективный көз караш менен сын пикир жазды. Ошондой эле Н.Э. Сапиеванын жооптору мага

жакты. Бирок плагиатсво бул өтө чоң сын-пикир болгондуктан иштин кадыр баркын төмөндөттүрүп жатат. Ошондуктан биз аягына чейин күрөшөбүз. Бул тагдыр. Э. Умаралиевдин жана Г.Айтиеванын ишин аласың, копия кыласың кайсыл беттерин көргөзөсүң, жана ар бир берилген пункка жооп жазасың. Мындай тарыхта окуя болгон МГУда Жанибек Жакыпбекович өзүнүн ишин коргогондо 47 минут жактагын. Сен андан көп жооп бересиң. Мен толук ишенем бул материалдар өзүнүкү себеби 10дан ашык иштеди. Сенин ишиңде Фергананын түштүгү, түштүк-батышы эмес жана берилген сындардын негизинде иштегин. Ар бир пунка толук суроосун айтып жооп бересиң. Ошондо толук канаттандырарлык жооп болот. Урматтуу коллегалар биз биринчи кезекте педогог да бололу. Илимпоздорду даярдайлы жана гумандуу бололу, эч качан кемсинтпейли.

**Төрөга:** Рахмат. Сөз т.и.д., профессор А.З.Жапаровдо.

**т.и.д., профессор А.З.Жапаров**: Саламатсыздарбы дискеңеш.

Сапиева Нурия Эрмекбаеванын **“Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)”** деген темадагы 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кол жазмасына, КР УИАнын Б. Жамгырчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин алдындагы 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин Эксперттик комиссиясынын мүчөсү т.и.д., доцент Жапаров Амантур Забирдиновичтин

**КОРУТУНДУСУ**

**07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча даярдалган иштин 07.23.674 Диссертациялык кеңешинин кароосунда коргоо укугуна дал келиши.**

Сапиева Нурия Эрмекбаеванын “Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)” деген темадагы 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистигине жана Диссертациялык кеңештин багытына толугу менен туура келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**

Кыргыздардын ислам динин кабыл алганга чейинки ишенимдери илимпоздордун көңүлүн дайыма буруп келген темалардын катарына кирет. Мындай ишенимдер жана аларга байланыштуу айрым ырым-жырымдар азыркы күндө да колдонулуп келе жаткандыгын байкоого болот. Автор исламга чейинки ишенимдердин ыңгайлашып, ислам дини менен жуурулушуп синкреттик мүнөзгө ээ болуу менен элге кызмат кылып жаткандыгын белгилейт. Ислам дини кыргыз коомунда тамырын терең жайып, элдин басымдуу көпчүлүгү өздөрүн мусулман катары тааныган шартта дагы, бир катар элементтери сакталып калган эски ишенимдерди этнологиялык өңүттө иликтөөгө алуунун илим үчүн мааниси чоң. Ислам

динине чейинки ишенимдердин айрым аспектилери боюнча изилдөөлөрдүн жүргүзүлүп жаткандыгы да ырас. Бирок, кыргыз этнографы Токтобүбү Баялиева сыяктуу негизги түрлөрүнүн баарын камтыган салмактуу эмгек азырынча жазыла элек десек жаңылышпайбыз. Азыркы мезгилдеги кыргыздардын маданиятында исламга чейинки ишенимдердин ээлеген ордун, алардын сакталып калуу себептерин, өзгөчөлүктөрүн ж.б. жактарын талдоого алып, ачып берүү зарыл иштерден болуп саналат. Демек, автордун диссертациялык иш катары изилдөө жүргүзүү үчүн тандап алган темасынын актуалдуулугунан шек саноого болбойт. Изденүүчү теманын илим үчүн маанисин ачып бере алган.

**Илимий жыйынтыктар.** Диссертациялык иште автор тарабынан бир катар жобо коргоого коюлган. Алар төмөнкүлөр:

1. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышында жашаган кыргыздардын маданиятында ислам дини менен бирге эле фетишизм, арбактардын культу ж.б. архаикалык ишенимдер орун алган. Ал ислам дини менен жуурулушуп жашап келүүдө;
2. Жергиликтүү тургундар, тездик менен кеңири жайылып жаткан ислам динин тутуп Аллага сыйынуу менен катар жалгыз дарак, булак, таш, тумар сыяктуу объекттер тагдырга, келечекке таасир берет деп ишенет. Аларды сактоочу касиетке ээ деп кабыл алып куран окутуп турушат;
3. Оттун, Жер-Суунун культу азыркы күндө да адамдардын аң-сезиминде жашап, тиешелүү ырым-жырымдар өткөрүлүп турат;
4. Умай-Эненин культунун ислам дини менен синкреттешип азыр дагы жашап келишинде аялдар гана бара турган мазарлардын жана алар өткөрө турган чакан кудайылардын мааниси чоң. Мында курандын сүрөөлөрү, аяттары окулуп Алланын аты аталат;
5. Кожо-эшендер көмүлгөн мазарлар өз ордун жоготпой келет. Мындай жерлерге зыярат кылуу, ден соолукка, өздүк проблемалардын чечилишине жардам берет деген ишенимде аткарылат. Аларга атап Куран окулуп, курмандыктар чалынат.
6. Тотемдик жаныбарлардын дене бөлүктөрүнө, аларды колдоочу пирлерине болгон ишеним тараган. Ыйык деп эсептелген жаныбарлардын дене мүчөлөрү соодада, көз тийүүдөн сактоодо, жаш балдарды жана боюнда бар аялдарды эмдөөдө колдонулуп келет. Кайберендин каргышы тийет деген ишеним сакталган;
7. Ата-бабалардын рухтарына болгон ишеним мурдагыдан кем эмес мааниге ээ;
8. Маркумдун сөөгүн көмүүдө исламга чейинки ырым-жырымдар азыркы учурдагы диний чөйрөгө ыңгайлашуу менен аткарылып келет.
9. Бүбү-бакшыларга, эмчилерге, куучуларга болгон ишенимдин сакталышы, алардын жардамына муктаждык даана байкалып турат.

**Диссертациядагы жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли**

Коргоого коюлган диссертациялык иштин жыйынтыктары, топтолгон эмпирикалык маалыматтарды, ар кайсы булактарды, илимий адабияттарды терең талдоо, изилдөөнүн зарыл ыкмаларын пайдалануу аркылуу чыгарылган. Негиздүүлүгү менен ынанымдуулугунан эч кандай күнөм саноого болбойт.

**Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынган актуалдуу маселелерди чечүүдө, иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин жана багыттуулугун баалоо**

Изденүүчү диссертациялык ишти аткарууда исламга чейинки ишенимдердин ар кайсы түрлөрүн талдоого алып, актуалдуу маселелерди чечүү менен алдына койгон максатка жетүүдө ички биримдикти, багытты жакшы сактай алган деп айтууга болот.

**Диссертациядагы жетишилген илимий жыйынтыктардын практикалык мааниси**

Эски ишенимдеринин азыркы күндө дагы сакталып, жергиликтүү элдин практикасында колдонулуп келе жаткандыгы боюнча жетишилген илимий жыйынтыктар, Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышында жашаган кыргыздардын руханий маданиятынын архаикалык ишенимдерге байланыштуу жагын түшүнүп билүүгө мүмкүндүк берет. Автордун илимий айлампага киргизген оригиналдуу материалдарынын, чыгарган корутундуларынын дин саясатын жүргүзүүдө пайдасы тийбей койбойт. Диссертациянын негизги мазмунун жалпыланган илимий эмгектерди, окуу куралдарын жазууда, окуу жайларында тиешелүү темалар боюнча сабак өтүүдө колдонууга болот.

**Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши**

Автореферат диссертациялык иштин теориялык-методологиялык компонентин, теманын изилдөө деңгээлин, негизги мазмунун кыскартылган түрдө чагылдырып турат. Мазмуну бири-бирне шайкеш келтирилип, кыргыз, орус, англис тилдериндеги резюмелер менен жабдылган.

**Диссертациянын негизги жоболорунун, жыйынтыктарынын жетиштүү санда жарык көрүшү**

Диссертациялык изилдөөнү жүргүзүүнүн алкагында автор тарабынан жазылган илимий тезистер, макалалар Кыргызстандагы жана чет өлкөлөрдөгү басылмаларда, анын ичинде РИНЦ базасына кирген илимий журналдарда жарыяланган. Алардын жалпы саны 14.

**Диссертациянын мазмунунда жана жасалгаланышында кезиккен айрым мүчүлүштүктөр жана сунуштар**

Жалпы жонунан жогору баалоого татыктуу илимий иште мүчүлүштүктөр да кезигет. Алар төмөнкүлөр:

1. Теманын актуалдуулугунда диссертацияда көтөрүлгөн маселелерди изилдөө азыркы мезгилдеги диний ишенимдерге байланыштуу жүрүмдөрдүн мүнөзүн, өзгөчөлүктөрүн, кайсыл элементтер туруктуу экенин ажырата билүү үчүн дагы маанилүү экендигин айта кетиш керек деп ойлойм.

2. Милдеттерди УАКтын талабы боюнча номерлеп берүү керек.
3. Диссертациянын хронологиялык алкагы азыркы учур болгондугуна байланыштуу, Совет мезгилине чейинки жана социализм доорундагы илимий адабияттарга обзор берүүнүн зарылдыгы деле жок эле деп ойлойм. Андан көрө эгемендик жылдары жарыяланган эмгектерге кененирээк токтолсо болмок. Бул мурдагы адабияттарды четке кагуу дегендикке жатпайт. Тескерисинче, диссертациянын негизги бөлүгүндө зарылчылыкка жараша аларды орду менен колдоно берген абдан туура.
4. Бир-эки бөлүмдө кыска жыйынтык жасалган эмес.
5. Техникалык себепке байланыштуу жылышып кеткендиктен шилтеме пайдаланган булактар менен адабияттардагы номерге дал келбей калган учурлар кезигет.
6. Жаңылбасам корутундуну дагы коюлган милдеттердегидей кылып номерлеп, алар боюнча жыйынтыктарды чыгаруу зарыл.
7. Кайра-кайра кайталанган сөздөр, сөз айкаштары кезигет. Фергана өрөөнүнүн түштүк батышы, ишенимдер сыяктуу сөздөрдү азайтып, стилистикалык оңдоп-түздөө жасоо зарыл.
8. Конкреттүү мисалдар, окуялар, жылдар көбүрөөк берилсе текстке жандуулук кирет эле.

**Изилдөөчүнүн баштапкы материалдары менен таанышуунун жыйынтыктары**

1. Диссертант Нурия Сапиева изилдөө темасы боюнча Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышында талаа этнографиялык изилдөөлөрүн стационардык жана кыдыруу түрлөрүндө жүргүзүп, кызыктуу маалыматтарды топтоого жетишкен. Алар автордун дептерлеринде, электрондук аппараттарында сакталган.
2. Изилдөөчү тарабынан илимий адабияттардан, башка ар кандай булактардан алып топтогон маалыматтар, теманы ачып берүүдө зарыл материал катары кызмат кылган.

**Жетектөөчү мекемени, расмий оппоненттерди даярдоону сунуштоо**

Диссертациянын багыты жана темасы боюнча жогорку квалификациядагы адистери жетиштүү төмөнкү мекемени жана кесипкөй илимпоздорду жетектөөчү мекеме, расмий оппонент катары сунуштайм:

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Э. Маанаев атындагы Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү институтунун Тарых жана этнология кафедрасы.

Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Тарых жана чөлкөм таануу институтунун профессору, т.и.д., профессор Каратаев Олжобай Кубатбекович; Талас мамлекеттик университетинин Гуманитардык-юридикалык институтунун Тарых жана укук таануу кафедрасынын доценти, т.и.к. Усубалиева Айнура Садановна.

**Диссертациянын КР УАКтын “Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобосунун” талаптарына ылайык келиши**

Көрсөтүлгөн айрым мүчүлүштүктөрдү эске алып четтетүү шарты менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы тарых, археология жана этнология институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетине караштуу 07.23.674 Диссертациялык кеңешинде изденүүчү Сапиева Нурия Эрмекбаеванын **"Азыркы мезгилдеги кыргыздардын ислам динине чейинки ишенүүлөрүнүн жашап келиши (Фергана өрөөнүнүн түштүгүнүн мисалында)"** деген темадагы 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишин ачык коргоого кабыл алууну сунуштайм.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү,**
**т.и.д., доцент А.З. Жапаров**

**Төрөга:** Рахмат, кимдин пикири болсо айтсаңыздар.

**т.и.д. профессор Т,Чоротегин**: Ишти жактоого деп койсоңуз деп өтүнөт элем, изилденүүчү оңдоп-түзөйт. Себеби ар бир берилген сунушту карап чыгып керектүүсүн карайт.

т.и.д.профессор А.З.Жапаров: Кечиресиздер техникалык жагын карап, т.и.д. доцент А.Рифовна айтса, андан кийин чечилсе деп ойлойм.

**Накен Кожоакматович** :Төрөга мүмкүнбү мен сүйлөсөм

**Төрөга:** Мүмкүн сүйлөй бериңиз.

**Накен Кожоакматович**: Урматтуу кесиптештер саламатсыздарбы. Мен изденүүчүгө айтаар элем О.Кубатбековичтин дооматы өтө олуттуу болуп саналат. Бул жөнүндө өзүңүздүн илимий жетекчиңиз да айтып жатат. Бирок мында эч кандай коркунуч жок. Эгер сиз өзүңүздүн ишиңизде плагиат жок деп ишенсеңиз, аягына чейин күрөшүң. О.Кубатбековичтин дооматына жооп катары бардыгына пунтук негизде жооп жазың жана коргоого чейин өзү менен жоолугуп, анын сын-пикиринин негизинде талкуулаңыздар. Ошондо сиз коргоодо өзүңүзгө ишенимдүү жактап аласыз. Аны менен бирге сиздин илимий жетекчиңиз айтып жатат, сиздин ишиңи жакшы деп. Андыктан мен башында ойлондум эле, бирок ачык чындыкта айтамын сиздин диссертациялык ишти коргооңузду колдойм, рахмат.

**Төрөга:** рахмат сизге Н.Кожоакматович.

**т.и.д., доцент Бикбулатова А.Р**: Менде төмөнкүдөй сунуш бар. Башка диссоветтин тарыхында алдын ала коргоо 2 жолу болоору кездешет. А.Асанканович айтмакчы биринчи жолу ушундай учур болуп жатат. Эгер мени колдосоңуздар экинчи алдын ала коргоону белгилесек. Илимий жетекчиси мен окмуштуу катчы жана изилденүүчү болуп чогуу О.Кубатбековичтин сын-пикирине толук кандуу даярданалы. Эгерде плагиаттык сын пикирди тастыктай алсак, анда ишти андан ары улантсак болот.

**т.и.д. Т.К. Чоротегин**: Бул жерде кереги жок кайрадан алдын ала коргоонун, андан көрө жалаң эксперттер чогулуп алып эле челиши керек. Эгерде анда да О.Кубатбекович терс добуш берсе бере берсин. Бирок алдын ала коргоону

экинчи жолу аткартыштын кереги жок. Коргоонун мөөнөтүн узартканыбыз оң болот.
**т.и.д., доцент Бикбулатова А.Р**: Бизде мурда А.Асанкановичтин сунушунун негизинде алдын ала коргоонун алдында эксперттер чогулуп алардын сын пикирлерин угуп жыйынтык чыгарышыбыз керек делинген. Бирок улуттук комиссияга мен барып айтканда. Эмнеге силер эки жумуш кылып жатасыңар, эксперттер алдын ала коргоо учурунда оздөрүнүн сунуштарын айтышы керек.
**т.и.д.,профессор А.Р. Жоошбекова**: Дискеңеш кайра-кайра эле чогула бербей ишти коргоонун мөөнөтүн узартып. Ал мезгилде О.Кубатбековичтин сын пикиринин үстүнөн иштесе жана экспертке жолугуп анын сын пикиринин баарына жооп берсин.О.Кубатбековичтин берген кортундусун илүүгө болбойт. Себеби ал улуттук комиссияна ылайык жазган эмес. Дискенеш аны эксперт кылып тандады жана улуттук комиссиянын талабына ылыйык кылып жазууну дискеңеш талап клыш керек.
**т.и.д. Т.К. Чоротегин**: Бул жерде эксперттин сапатсыз жазып бергенине изилденүүчүнү күнөөкөр кылбай, коргоону коюш керек.
**т.и.д.п., академик Асанканов А.А:** Т, Чоротегин туура айтып жатат коргоону күзгүгө койбойлубу.Себеби изилденүүчу ишинин үстүнөн иштесин. Эксперт менен макулдашып баарын көргөзүп. Кийин жалпы макулдашууга келип, андан кийин чыкпайлыбы.
**т.и.д., доцент Бикбулатова А.Р**: А.Асанканович эгер сиздин айтканыңыздай боло турган болсо анда бүгүнкү алдын ала коргоо эмес, эксперттердин кеңеши катары кабыл алынып калат. Алдын ала коргоо кийинки дискеңешке өткөрүлүп берилет. Дискеңеш жабылып жатпайбы, ошол үчүн алдын ала коргоого биздин укугубуз жок. Андыктан алдын ала коргоону жакын арада кайрадан өткөрүп, андан кийин коргоого койсок биз жетишебиз.
**т.и.д. Т.К. Чоротегин**: Эксперттердин негизинде добушка коюп, дискеңештин добушу менен чечим чыгаралы. Эмне үчүн экинчи жолу алдын ала коргоо болуш керек.
**Төрөга**: Урматуу дискеңештин мүчөлөрү азыр эки маселе келип токтодук. Биринчиси коргоого коюлуш керек. Экинчиси кайрадан алдын ала коргоого 30-апрелге коюу маселеси. Ушул маселерди чечип бериңиздер.
**т.и.д., доцент А.З. Жапаров**: алдын ала коргоону кайталап койбой эле коргоонун мөөнөтүн узартып эксперттер менен талкуулап коргоого чыкса жакшы болмок. Расмий опаненттерди даяндап алар менен иштеш керек. Ачык добушка коюлса чечимек.
**Төрөга:** Урматтуу дискеңеш бүгүнкү жыйынды алдын ала коргоо деп эсептелсин дегенге добуш бериңиздер. Баары макул, каршы-жок, калыс-жок. Анда бүгүнкү алдын ала коргоо деп эсептейбиз. Жана эксперттердин сын пикирин да добушка коюшубуз керек. Добуш бериңиздер. Баары -макул, каршы-жок, калыс-жок. Алардын кортундусун бир добуштан кабыл алынды.
Анда официалдуу опоненттерди сунуштоону карасак.
**т.и.д.,профессор А.Р. Жоошбекова: биринчи оппонентике** т.и.д. ТК.Чоротегин агайды сунуштайт элем. Себеби бул жаатта маалыматы кенен.

**т.и.д., доцент А.З. Жапаров:** изилденүүчү Н.Э. Сапиевага оппонент катары А.Усубалиеваны сунуштайм. Болсо биринчи опонент-т.и.д. Т.К. Чоротегин экинчи опонент- т.и.к. А.Усубалиева болсо туура келет себеби анын темасы Сапиеванын темасына жакын болгондуктан.

**Төрага:** Урматтуу коллегалар анда добуш бериңиздер. Опппоненттин биринчиси т.и.д. Т.К. Чоротегин, кийинкиси т.и.к. А.Усубалиева болсун деп. Баары -макул, каршы-жок, калыс-жок.

Эксперттердин кортундусун бир добуштан кабыл алынды.

Урматтуу кеңештин мүчөлөрү, жетектөөчү мекеме катары Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана этнология кафедрасы айтылып атат, добуш берип койсоңуздар. Бир добуштан кабыл алдык. Анда жетектөөчү мекеме Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана этнология кафедрасы бекилди. Эми бир маселе калды, коллегалар, коргоо күнүн сунуштасаңыздар.

**Т.и.д., доцент, окумуштуу катчы А.Р.Бикбулатова:** Коргоо күнүнө 2-июнду сунуштайбыз.

**Төрага:** Урматтуу коллегалар, добуш берип коргоо күнүн бекитип койсок, - коргоого коюлучу күн 2-июнь, 2025-жыл, анда бир добуштан кабыл алынды. Ушуну менен отурум аягына чыкты. Катышканыңыздар үчүн чоң ыраазычылык билдирем.

Диссертациялык кеңештин төрагасынын орун басары
т.и.д., доцент: К.Ш. Табалдиев

Окумуштуу катчы,
т.и.д., доцент: А.Р. Бикбулатова